Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун **Бишкектеги борбору**

ФОНД МЕДИА КОНСАЛТ

# Кыргызстандын басма жана он-лайн басылмаларында этикалык стандарттардын сакталышына байкоо салуу үчүн жүргүзүлгөн мониторингдин отчету

**Убактысы: 15-март – 15-октябрь 2012-жыл (жети ай).**


**Мониторинг жана контент-анализ жүргүзгөн эксперттер:**

**Бакыт Орунбеков, Кубат Чекиров**

**Долбордун жетекчеси : Эльмира Токтогулова**



*Бишкек, 2012*

Мазмуну ..........................................................................................................................................3

Киришүү .........................................................................................................................................4

1. Жек көрүү, касташуу жана социалдык агрессиянын башка түрлөрүн козуткан макалалар....…………………………………………………………………… 5

2. Чындык жана объективдүүлүк принциптерин бузуу. Жалган маалымат таратуу...………………………………………..………………........…....……… 11

3. Теңсалмактык жана жан тартпастык принциптери сакталбаган учурлар........... 17

4. Саясий реклама жана анти-реклама...........................................................................20

5. Кылмышка шектүү адамдардын аты-жөнүн негизсиз ачыктоо ......……….......... 22

6. Коомдук мааниси жок учурларда жеке турмуштун кол тийбестигин бузуу........ 24

7. Плагиатчылык.................................................................................................................. 26

Тыянактар жана сунуштар ........................................................................................ 27

Адабияттар...................................................................................................................... 29

Тиркеме. КР Журналисттеринин Этикалык Кодекси................................................ 30

# Кыскача мазмуну



Бул отчет КР Журналисттеринин Этикалык Кодексинин бузулган учурларын аныктоо боюнча Медиа-Консалт фонду ЕККУнун каржылык колдоосу астында жүргүзгөн байкоонун жана контент-талдоонун натыйжасы болуп саналат.

Бул отчет ирети боюнча экинчи, 2012-жылдын 15-мартынан 15-сентябрга чейинки убакытты камтыйт жана ушул жылдын июнь айында жарыяланган отчеттун уландысы болуп саналат [1].

Отчет 24 басылманын, анын ичинде негизинен он-лайн жана басылма ММКлардын маалыматына негизделген. Фокустук топко кирген ММКлардын 80% - кыргыз тилинде, анткени бул тилде чыгып жаткан басылмалар басымдуулук кылат, 20% - орус тилинде.[2] ММКлардын негизги форматы - коомдук-саясий басылмалар. Мониторинг жана талдоо КР Журналисттеринин Этикалык Кодексинин нормалары жана критерийлеринин негизинде жүргүзүлдү (ЭК 2007-жылы 8-декабрда журналисттердин съездинде кабыл алынган. Ага оңдоолор менен толуктоолор 2009-жылы 16-апрелде журналисттердин республикалык конференциясында киргизилген. (Тиркемени караңыз).

Талдоонун жыйынтыгы журналистиканын базалык принциптери, сапаттык жана этикалык кесиптик стандарттары көпчүлүк ММКларда бузулуп жатканын көрсөттү: Чындык жана объективдүүлүк принциптеринин бузулушу, тең салмак маалыматтын жоктугу, жалган маалымат жайылтуу, саясий жагынуу, жан тартуу, коомдук мааниси жок учурларда жеке турмуштун сырларын жана кол тийбестигин бузуу, плагиатчылык сыяктуу кемчиликтер кездешүүдө.

Басылмаларда чет элдик компаниялардын, уюмдардын жана өлкө ичиндеги этникалык топтор жөнүндө маалымат жайылтуу учурунда улут аралык аспектиге байланышкан эреже бузуулар болуп жатат. Факты менен далилдерге таянбаган, жөн гана жоромол-божомолго негизделип, улут аралык касташууга тукурган, жек көрүүнү жараткан материалдар чыгууда. Маалыматты тактоо, бышыктоо, бейтарап болуу, тең салмактоо фокустук топко кирген гезиттердин көбүндө сакталбай келатат. Журналистиканын сапаттык стандарттарын бузуу кадыресе көрүнүшкө айланып калгандай. Чыр-чатактарды чагылдырууда ММК бардык тараптардын пикирлерин жана кызыкчылыктарын тең кармабай, бир жагына жан тартып койгон учурлар болууда.

Бир катар ММКлар, тилекке каршы, дагы эле тигил же бул саясий күчтөрдүн кызыкчылыгына иштеген каражат болуп пайдаланылууда. Саясатчыларды каралоо же мактоо фокустук топко кирген ММКларда байма-бай кездешкен көрүнүш болуп саналат**.** Чын-бышыгы аныкталбаган маалыматтар, жоромол-божомол тыянактар, стереотиптер орун алууда. Жеке жана үй-бүлөлүк турмуштун кол тийбестигин бузууга жол берилүүдө.

[1] http://www.osce.org/ru/bishkek/92695

[2] См. список в части Введение на 5 стр.

Кесиптик жана этикалык нормаларды бузуу кээ бир учурда атайын жаман ниет менен эмес, кесиптик даярдыктын жетишпегендигинен, редакцияларда тийиштүү сапаттык көзөмөлдүн жоктугунан, редакциялык саясатты аныктаган атайын кабыл алынган расмий документтин жоктугунан да болуп жатканы ырас. Бирок ошол эле учурларда ММКлардын тигил же бул саясатчыга таандык экендиги же басылмалардын бирөөлөрдү ар кандай каралаган, ушактаган материалдарды басууга көнүп алганы да маалыматтын сапатына олуттуу таасир берүүдө.

Эксперттер фокустук топтогу бардык ММКларга өзүнүн редакциялык саясатын иштеп чыгууну, кесиптик жана этикалык сапат стандарттарын аныктап алууну, кесиптик даярдыгын чыңдап жана деңгээлин өнүктүрүүнү сунуш кылышууда. Такшалган юристтерди, укук коргоочуларды, тилчилерди, укук коргоо органдары – милициянын, соттун, УКМКнын өкүлдөрүн чакырып, журналистиканын мыйзамдык базасы, этикалык нормалары, терминологияны түшүндүрүү боюнча бир катар талкуу жыйындарын өткөрүү керек. Редакциялардын ичинде этикалык нормаларды жана кесиптик стандарттарды сактоо боюнча окутуу иш чараларын жүргүзүү максатка ылайык.

Мониторингдин мурдагы натыйжалары фокустук топтогу ММКлардын бир тобу менен болгон жолугушууларда бир сыйра талкуудан өттү. Эксперттер этикалык нормалар кандай бузулуп жатканын далилдер, фактылар менен айтып түшүндүрүп, мисалдарды келтирип, Этикалык Кодекстин негизинде редакциялык саясатты иштеп чыгууну сунушташты. Баш редакторлор жана чыгармачыл кызматкерлер эксперттердин айткан сындарын жөндүү деп кабыл алышты жана Этикалык Кодекстин негизинде редакциялык саясат иштеп чыгуу жөнүндө сунушка макул болушту.

# Киришүү

Кыргызстан журналисттеринин Этикалык Кодекси ММКлардын адистик түрүнө карабай, андагы кызматкерлердин ишинде этикалык жана кесиптик стандарттарды калыптандыруу, журналисттердин кесиптик деңгээлин көтөрүү, ошондой эле ММКларга коом тарабынан ишенимди жана сый-урматты сактоо максатында кабыл алынган.

Мониторинг учурунда коомдук-саясий резонанс жараткан ММКлардын материалдары каралды. Ошондой эле долбоорго кыргызстандык эле ММКлар эмес (Кыргызстанда катталган, юридикалык даректери бар), Кыргызстандагы окуяларды дагы байма-бай чагылдырган айрым сырткы ММКлардын материалдары талдоого алынды: *"МК-Азия", "Дело №", "Деньги&Власть", "Вечерний Бишкек", "De-Факто", "Супер-Инфо", Azattyk.kg, газеты "Жаңы Агым", "Фабула", "Айат", "Ачык саясат", "Учур", "Алиби", "Асман пресс", "Жаңы Ордо", "Айкын саясат", "Майдан.kg". Сайттар: "Акипресс", "Баракелде", Centrasia.ru, ИА 24.kg, Parus.kg, Chalkan.kg, Ferghana.ru, отдельные ТВ-программы ОТРК, ЭлТР.*

Отчеттук убакытта фокустук топтогу ММКлардын журналисттери даярдаган жана жарыялаган бардык материалдар, башка жактан көчүрүлүп басылган материалдар жана коомчулукта кызуу реакцияны жараткан ТВ программалар талдоодон өттү.

Бул контент-талдоодо баалоонун сапаттык критерийлерине басым жасалып, сапаттык стандарттар көп бузулган өтө мүнөздүү кемчиликтерге көңүл бурулду. 24 фокустук ММКда 2012-жылдын 15-мартынан 15-сентябрга чейинки убакытта жарыяланган материалдардын 70-80 % саясий темада жазылган.

Бул отчеттун максаты ММКларда Кыргызстан Журналисттеринин Этикалык Кодексинин өтө көп бузулган учурларын аныктоо болгондуктан, отчеттун ачык версиясында эрежелерди бузууга жол берген ММКлар менен журналисттердин аттарын атап көрсөткөн жокпуз. Авторлор отчет ММКлардагы контенттин кандай экендиги жөнүндө маалымат берип, кандай кемчиликтер кетип жатканын көрсөтүп, эң башкысы – ММКлардын сапатын өркүндөтүү боюнча менеджерлер менен журналисттерге айрым бир маанилүү тыянактарды чыгарып, иш-аракеттерди көрүүгө көмөкчү болушу керек деп эсептешет.

Талдоонун жыйынтыгы журналистиканын этикалык нормалары жана кесиптик стандарттары бардык эле макалаларда сакталбай келатканын көрсөттү.

Бул контент-талдоодо баалоонун сапаттык критерийлерине басым жасалып, сапаттык стандарттар көп бузулган өтө мүнөздүү кемчиликтерге көңүл бурулду. Журналисттер чындык, объективдүүлүк жана теңсалмактык принцибин өтө көп буза тургандыгы аныкталды. Бул айрыкча саясий окуяларга жана саясий ишмерлерге арналган макалалардан көрүнөт. Контент-талдоо ММКлардын ар кандай саясий топтордун же саясатчылардын таламын талашып же жан тартып бөлүнөөрүн көрсөттү. ММКлар бир саясий топтордун кызыкчылыгында экинчи бир саясий топторду же саясий лидерлерди жаманатты кылуу үчүн пайдаланылган учурлар көп болуп жатат. Манипуляция технологиялары бир катар ММКларда жалган же жалаа жапкан маалыматтарды жана

ушактарды жайылтуу, жаманатты кылган маалыматты жарыялоо жолдору менен ишке ашууда. Көп журналисттер “бөйрөктөн шыйрак чыгарып”, субъективдүү көз караштан жоромол жасап, баа берип, айрым саясатчылар жөнүндө атайылап коомдук жаман пикир түзүүдө.

Биз төмөндө фокустук ММКларга көбүрөөк мүнөздүү каталыктарды жана кесиптик этика нормалары бузулган учурлардын мисалдарын көрсөтөбүз.

## 1. ЖЕК КӨРҮҮ, КАСТАШУУ ЖАНА СОЦИАЛДЫК АГРЕССИЯНЫН БАШКА ТҮРЛӨРҮН КОЗУТКАН МАКАЛАЛАР

**“**Секс азчылыктар барган сайын агрессивдүү болууда**”** (18.04.12) деп аталган макалада салттуу эмес жыныстык багыттагы адамдын порнографияны жайылтып жатканы үчүн соттолуп жатканы жазылган. Автор өзүн бейтарап кармабай, жек көрүү сезимин жашыра албай, жыныстык азчылыктын өкүлүнүн соттолуп жатканын табасы канып жазган.

Этностор аралык мамилени курчутууга же бузууга тукурук болчу макалалар негизинен кыргыз тилдүү басылмаларда кездешүүдө. Материалдар факты же далилдер менен эмес, жоромол-божомолдун негизинде жазылып, улут аралык касташуу, жек көрүүнү козуткан мүнөзгө ээ болууда.

Мониторинг учурунда башка улуттарга жана Кыргызстанда иштеген чет өлкөлүк компаниялардын, инвесторлордун өкүлдөрү өлкөнү талап-тоноп, кыргызга залака келтирип жатат деп аларга касташуу, жек көрүү сезимин жараткан макалалар каттоого алынды. Мисал келтирсек: “*Темир жол салынса кытайлар рак шишиги сымап жайылып кетет*”, “*Түрктөрдүн көздөгөн максаты эмне*?”, “*До каких пор... поучать кыргызов*”, “*Казак Кайсар, еврей Артём кыргызды тоноп...*” ж.б. Бул макалалардын эмоционалдык курч сезимдин күүсүндө жазылганы жана авторлордун улутчул маанайы заголовкаларынан эле көрүнүп турат. Мисалы, бир гезит «Кыргызстандагы түрктөр айтат экен: мурда силерди орустар кул кылып келген, эми бизге кул болуп иштейсиңер деп» жазды**.** Дагы бир гезиттерде «*Бабановду дайыма эле казак Кайсар, еврей Артем коштоп жүрөт, алар кантип уурдап жатканын кыргыздар байкамак беле*» деп жазды. «Алар (кыргыз башкаруучулары*) кытайлар кара таандай болуп Кыргызстанга каптап кирип келсин үчүн темир жол курулушун башташты*» деп айтылат.

Бир интернет сайт “Кыргызстанда канча кытай бар?” деген макаланы которуп басты. Бул басылма, биринчиден юстиция министри А. Шыкмаматовдун Кыргызстанда легалдуу эмес абалда жүргөн 100 миң чет өлкөлүк бар деп айткан сөзүн бурмалап, “юстиция министри жакында парламентте сүйлөгөн сөзүндө Кыргызстанда 90 миң кытай бар деп айтып баарыбыздын оозубузду ачырды” деп жазды. Экинчиден, газета бирөөгө таандык пикирди же ой жорууну жөн эле талашсыз чындыктай кылып көрсөттү. Мисалы: *«Алар базарларды эчак ээлеп алган. Алар «Дордой» жана «Кара-Суу» базарларынын бир жагын ээлеп турушат, «Тымызын түрдө биздин кыздардын койнуна кирип, канчасы бизге бүтүк көз күйөө бала болуп калды дейсиң».*

Улуттук касташууга, жек көрүүгө чакырган материалды айыптаган макаланы россиялык сайт 2012-жылы 1-мартта басты. Анда кыргыз гезитиндеги “Биз чынында улутпузбу же” деген аталыштагы макаланын тексти бүтүндөй Кылмыш Кодексинин статьясына, Кыргызстанда орус тилдүү журналист Владимир Фарафоновдун мойнуна илинген статьяга (этникалык касташуу отун жагуу) туура келет. Орус эли жөнүндө автор минтип айтат: “... 145 миллион орустун бир бөлүгү – жалкоолор, дагы бир бөлүгү ичип кеткендер, түрмөдө отургана да толтура..”. “... 19-кылымда орустар Кыргызстанды басып алышты. Алар басып алганы аз келгенсип, эң мыкты жерлерибизди тартып алышты, алардын арасында кыргыздарды киши катары көрбөгөндөр көп болгон",-деп жазганын келтирди.

Эксперттер макалада улут аралык касташууну козгоочу белгилер бар деген бүтүмгө макулбуз. Бул материалдар кандайдыр бир аргументтерге, далилдерге жана чындык булактарга негизделбестен, автордун жеке ой-пикирине, эмоцияга жана жеке тыянактарына таянып жазылган. Мындай макалалар кыргыздардын башка улуттарга жек көрүү сезимин козгой турган күчкө ээ.

Мониторинг учурунда фокустук топтогу ММКлардын биринде дагы талаштуу маселе козголуп жатканда тең салмактык, бейтараптык сакталбагандыгы билинди. Мисалы, КЭРдин катышкан темир жол курулушу же “Манас” кыргыз-түрк университетинде жаңы ректордун дайындалганы жөнүндө жазылып жатканда эки тарапка калыс караган мамиле болгон эмес.

Адам укуктары боюнча москвалык бюронун Кыргызстандагы жана Россиядагы бир катар интернет сайттарда жарыяланган билдирүүсүн эксперттер тукурук күчкө ээ материал катары кабыл алды. (“*Кыргызстан, несомненно, не принадлежит к кругу цивилизованных государств, и журналистам там приходится несладко*”) Бул материалды журналист жазган эмес, бирок өлкөдөгү эң популярдуу агенттиктердин бири аркылуу элге тарап, коомдук пикирге таасир көрсөтүүдө. Адам укуктары боюнча москвалык бюронун билдирүүсүндө “орус окуучуларын кыргыз окуучулары оккупанттардын урпактары катарында уруп сабап жатышат” деген тукурук тезис бар. Бул маалыматтын чын-бышыгын, качан, кай жерде ушундай болуп жатканын аныктаган бир да шилтеме, маалымат булагы жок. Мындай чагымчыл мүнөздөгү жалган маалымат улут аралык мамилени курчутуп жибере турган коркунуч туудурат.

Россиялык бир гезит төрт жашар бала өлтүрүлгөн үй-бүлөлүк кайгылуу окуяны текшербей туруп шашып-бушуп, Ошто орус чек арачысынын үй-бүлөсүнө кол салуу болду деп жазып жиберип, жоопкерсиздикти көрсөттү. Материалдан үзүндү: “*Орус офицеринин үйүнө белгисиз эки адам кирип барган. Кылмышкерлер анын аялын сабап, эки кыз баласын бычакташкан. Бирөө каны агып көз жумган. Аял жана экинчи бала ооруканада жатат. Расмий булактар бул инциденттке эч кандай комментарий бере элек, ошондой эле окуянын кандайдыр бир версияларын да угуза элек. Бирок орус офицеринин кесиптик ишине байланыштуу болушу мүмкүндүгүн да жокко чыгарышпайт*».

Мындан кийин эле КР ИИМ басма сөз кызматы болгон окуя жөнүндө маалымат таратты, андагы фактыларга карасак, РФ жаранынын үй-бүлөсү жашаган үйдө мууздалган эркек бала табылган, ал эми мойнунан жарадар болгон эки жашар кыз ооруканага жеткирилген. “Оперативдүү топ кылмыштын изин суутпай шектүү катары балдардын энесин кармаган, ал адвокаттардын жана РФ ФКК Чек ара кызматынын

оперативдүү тобунун өкүлдөрүнүн көзүнчө психотроп заттардын таасири астында кылмыш кылганын айтып берген".

Орус офицеринин үй-бүлөсүнө болгон кол салуу жөнүндө текшерилбеген шашып берилген маалымат россиялык башка бир катар ММКлар аркылуу дагы тарап кетип, алар өз кезегинде россиялык социалдык тармактарда жана маалымат сайттарында кыргыздарга каршы ачуу сөздөрдүн араанын ачты. "Кыргызстанды тезинен бомбалоо", "бардык орустарга орус паспортун берип Россияга көчүрүп кетүү" Интернетте жайнаган чакырыктардын ичинен эң жумшак айтылгандары болду",- деп сайттардын бири жазып чыкты бул макаланын кесепеттери жөнүндө. Албетте, "Оштогу кандуу булоон" эсинен чыга элек адамдардан башка кандай реакция болмок эле. Эгер кыргыздардын укук коргоо органдары оперативдүү иштеп, кылмышка шектүүнү кармабаганда, ал жөнүндө ИИМдин басма сөз кызматы өз убагында маалымат бербегенде, кыргыздарга каршы ач-кыйкырык куу сүрөөн менен чайкоочулуктун масштабы жана кесепети кандай болоорун элестетүү кыйын эле.

Кыргыз тилдүү гезитте "Эгер сен кыргыз болсоң, кыргыздарга гана кызмат кыл" деген аталыштагы материал сандан-санга жарыяланды. Аны орус тилиндеги котормолорун россиялык гезит жарыялады. Анда автор кыргыздарды билимдүү, бирдиктүү болууга, сырткы душмандарга каршы бирге турууга, санын көбөйтүүгө чакырат. Ошол эле учурда автордун айрым тезистери кыргыздардан башка элдер тарабынан жаман ойдо же аларды басмырлаган сөз катары кабыл алынышы ыктымал экендигин айта кетүү керек. Мисалы, "*Кыргызстандагы кыргыздардын саны 90% болушу керек*", "*Кыргыз эркектери <…> кыргыз аялдарын башка улуттардан коргошу керек*". Балким, автор кыргыздардын укумдап-тукумдап көбөйүшү жана кыргыз аялдарын коргоо жөнүндө жакшы эле ниеттеги ой-пикирин билдирип жаткандыр. Бирок мындай материалдар которулуп орус тилдүү басылмаларга жарыяланганда кыргыздардан башка этностор аны моноэтникалык мамлекет курууга чакырык же кыргыздан башка улуттарды сүрүп чыгаруу максаты катары кабыл алышууда. Бул материалга өздөрүнүн ой-пикирин жазган орус тилдүү окурмандардын баары терс баасын беришти.

"*Планетадагы Гей парад*", "Кыйынсынган *гейлер менен лесбиянкалар эмне үчүн салгылашып жатышат*" деп аталган макалаларда автор жыныстык азчылыктар жана алардын иш-аракеттери жөнүндө жазып жатып, бейтарап принцибин сактабай, жыныстык азчылыктарды айыптаган мамилесин ачык көрсөтүп, аларды басмырлаган шылдыңдаган сөздөрдү колдонот. Мисалдар: "*коомдун бир бөлүгүнө (бактыга жараша, дагы эле чоң бөлүгүнө) түшүнүктүү, БУЛ- нормалдуу эмес жана табиятка жат экени түшүнүктүү", "Балдар айтмакчы, педераст мырзалар", "Гетеросексуалдуу бизди өзүн "нормалдуу" эсептеп жабышкандардын кол салууларынан коргоо эчактан бери эле керек", "өзүн жашынан эле гомосексуалдуу деген атка конуп, "мен геймин, менин укуктарымды коргогула, анткени мен баарыңардан нормалдуумун" деп сыймыктанып айтып жаткандар", "Алар чындыгында эле коркунучтуу" ж.б.* Пикирлердин тең салмактуулугу автор тарабынан мындай чечилет: *"Эгер айта турганы бар болсо, анда өздөрүнүн маалымат каражатын ачып алышсын да эмне кааласа ошону жазып маалымат бере беришсин … ".*

Кыргыз тилдүү басылмалардын бири интернет-форумдагы атын-жөнүн жашырган жеке бирөөнүн "Кыргызстанда Батыровдун 450-500 курал катылган склады бар» деп

жазган маалыматын илип алып, аны эч бир далили жок эле факт катары көрсөтүп жазды.

"*Өзбек тилинде тестирлөө 2010-жылдагы коогалаңды кайталайт*" деп аталган макалада "*тест орус жана кыргыз тилдеринде гана болушу керек, өзбектерге өзбек тилдин кереги жок, кайрадан кагылыш болот*" деп автор эч бир негизи жок, жеке өзүнүн сезиминен чыккан кыска оюн билдирген. Ушул сыяктуу жеке эмоциянын күүсүндө айтылган ой-жоруулар, тилекке каршы, гезиттерде көп кезигет. Журналист Билим берүү жана илим министрлигинин жана башка көз каранды эмес адистердин ой-пикирин сурап, маселенин себеп-натыйжасын иликтеп көрүүнүн ордуна оюна келгенин жазып койгон.

"*Кыргызды маарытып, сөгүп туруп туруп алтынын алгысы келген Кимаковский ким өзү*" деген макалада Нарын районунун Жерге-Тал айылында алтынды иштетип жаткан Кимовский деген ишкер жергиликтүү элди алдап, кордоп жатат деп күнөөлөнөт. Анын еврей экенине басым жасалып, кыргызды тоноп жатканы айтылат. Ал мурдагы президент К. Бакиевдин уулу Максим баштаган еврейлердин «куйругу» деп жаманатты болот.

Кимаковскийдин бир жерде айткан сөзүн протоколго жазып алдык деген шылтоо менен авторлор төмөндөгүдөй жазышат: «*Идите вы на х…, кто вы такие бл..ть, чтобы требовать от нас документов, бараны бли…*». Бул сыяктуу сөздөр кыргыздын башка улутка кыжырын гана келтирери калетсиз. Макаланын аягында «Кимаковскийге тиешелүү органдар тарабынан чара көрүлбөй турган болсо, аны республиканын аймагынан чыгарып жиберүү акциясын баштай тургандыгыбызды коомчулукка билдиребиз» деген авторлордун пикири да кооптуу.

Премьер-министр Бабановдун сүрөтү менен коштолгон макала "**…** сарттарга түндүктөр бийликти бербейт" деген заголовок менен берилген. Анткени эл арасында «сарттар» деген түшүнүктүн бир маанисин түштүк кыргыздар деп билишет. Гезит «сарттар» деген сөздү өкмөт башчынын оозунан чыкты кылып жарыялап жатканы коомчулукта терс пикир жаратууда. Мунун чындыгын бышыктаган аудио же видео версиясы жок болсо, башка далил аргументи жок болсо да, бул маалыматты колдонуу туура эмес болгон.

Фокустук топтогу гезиттердин бири ЖК депутаты Өмүрбек Текебаевди КТРКнын байкоочулар кеңешинин төрагасын шайлоого кийлигишкен деп күнөөлөп жазды. Текебаев "*Кылычты (Султанов- КТРКнын Байкоочулар кеңешинин төрагасы-Б.О.) төрага кылып берсеңер биз ыраазы болобуз. Түштүктүктөр алчусун алды, эми ген.директор түндүктөн болсун деп, баарынын оозун жаап, силер ыраазы болосуңар*" *деп, А.Атамбаевдин кулагын ушалап салган имиш. Анан, мындай "миш-миш" жалаң кагаз оодармай менен алек болуп, жетинчи кабатта креслосун кучактап турган Жантөрөгө (аппарат башчысы Ж. Сатыбалдиев-Б.О.) майдай жагып, кудуңдап жердешин сүрөп жатып калыптыр*" деп жазылат. Гезит жайдак жерден эле КТРКнын башкы директорлук кызматы менен Байкоочулар кеңешинин төрага кызматы түндүк-түштүк принциби менен бөлүштүрүлүп жатканына басым жасайт. Бул процесске катышы бар бир дагы расмий тараптын же Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнүн пикири жок.

“Саламаттык сактоо министри Д. Сагынбаева түштүк кадрларды кыртышы сүйбөйт” деп сындаган макалада бир дагы факты, аргумент жок. Сындалып жаткан министрдин да жообу жок.

Коомдук ишмер Б. Талгарбековдун депутат Ташиевден уккан Атамбаевдин "Мен түндүккө эле президент болом, түштүктүн мага кереги жок…" деген такталбаган оозеки сөзүн пайдаланганы түндүк-түштүк маселесин курчута турган макала катары кабыл алынышы ыктымал.

“Соттор соттолууда” деген макалада сот процесси учурунда судья Мельникова башка улут болгондугу үчүн Дудиндин пайдасына чечип койду деген подтекст бар. Мисалы, «сот процессинин учурунда Дудин Меймановдорго «силер, кыргыздар, дааратканага да барганды билчү эмессинер, биз болбосок дагы эле тоодон тоого көчүп жүрмөксүңөр» деп улуттук намысты козгогон сөздөрү менен зал ичинде кыйкырат. Айбек судьядан тартипке салыңыз деп суранса, Мельникова талкан сугунуп алгансып үн катпай коет» деп жазат журналист.

Кылмыштуу дүйнөнүн төрөсү атыккан Рысбек Акматбаев жөнүндө "*Арманда кеткен, легендага айланган Рысбек” деген* макала кыргыз тилдүү гезитке жарыяланды. Аталган макаланын автору кылмыштуу дүйнөнүн лидерин идеализациялап, аны ушул акыйкатсыз заманда эл бактысы үчүн күрөшкөн улуттук баатыр катары көрсөтүүгө аракет кылат. Мындай макала кылмыштуулук идеологиясын пропаганда кылуу катары каралышы мүмкүн жана ошол себептүү журналисттин этикалык нормаларына, коомдун нарк-дөөлөттөрүнө кайчы келет. **ЭК 6-пункту**: “Журналист жалпыга маалымдоо каражаттарын коомдун кызыкчылыгына, адамдын жана жарандын укуктарына каршы пайдаланышына, согушту, зомбулукту, расалык, улуттук, жыныстык, жердештик, диний, сексуалдык жана социалдык касташууну пропагандалоо максатында колдонушуна жол берилбейт».

Кыргызстанда жарык көргөн россиялык гезит А. Атамбаев, Ө. Текебаев жана К. Батыровдун Кыргызстандын түштүгүндө улуттар аралык кагылышуу чыгаруу планын талкуулап жаткан жашыруун сүйлөшүүсүнүн стенограммасынын үзүндүлөрүн жарыялады. Редакция бир эле учурда бул стенограмманын чындык экенине кепилдик бербей турганын белгилеп, ошого карабастан провокациялык стенограмманы жарыялады. Мындай материал коогалаң окуялардан жабыркаган адамдар же ушул окуяларды айыптаган адамдар тарабынан кыргыздарга да, өзбектерге да жек көрүү же касташуу сезимин козгошу ыктымал.

Май айында кылмыш окуяларына адистешкен гезитте жыныстык азчылыктарга арналган макалалар жарыяланды. Эгерде мурдагы макалалар эмоционалдык-кордоочу лексика менен жазылган болсо, кийинки макалаларды жек көрүү, ачуу сезими күчөгөнү байкалат. **“**Гейлер менен лесбиянкаларга кандай карайсыз**?”** деген суроо менен сурамжылоого алынган адамдардын жоопторунда булардын көзүн тазалоого чакырган пикирлер кезигет. Мисалы*: “Да душить всех этих педерастов надо! Сидели бы себе тихо, не орали о своих извращениях на всю округу...». «А тварей, которые совращают несовершеннолетних, нужно кастрировать!».*

Газета жарыялаган макалаларга жыныстык азчылыктардын терс мамилесине да токтолуп: «*Башка пикирге чыдабаган ушунчалык агрессия... Өздөрүнүн туура экендигине бөркүндөй ишенишет экен…*» деп сындап жазды. Биздин оюбузча, мына ушул сөздөрдү аталган газетанын өзүнүн жыныстык азчылыктарга карата карманган

мамилесине да тийиштүү кылып көрсөтсөк болот. Газета жыныстык азчылыктардын укуктарын сыйлап, адамдардын табигый ар түрдүүлүгүнө түшүнүү менен мамиле кылып, кимге болбосун социалдык касташуу сезимин козгобошу керек деп эсептейбиз.

Журналист жергиликтүү элден алынган маалыматка таянып, Жаратылыш ресурстары боюнча агенттик менен алтын кенин иштетип жаткан эки фирманы күнөөлөйт, бирок сындалган тараптардын позициялары берилген эмес. Ошондой эле кенди иштетүүгө улуксат берген токтомго мурдагы премьер-министр И. Чудинов кол койгону айтылат. Автордун пикиринде «Рокизол» кайра иштетүү фирмасынын жетекчиси И.Кимаковский кыргыз элин «баран» деп атап, маскаралаган. Өткөн айда ушул эле гезитте бул адам: «*Кимаковский еврей, экс-президенттин уулу Бакиев Максимдин куйругу» деп сүрөттөлгөн.* Даана далил жүйөөлөрдүн жоктугунан бул эки адамдын кандай байланышы бар деген суроо башты катырат. Автор макаланын башынан аягына чейин бардык жаратылыш байлыктары башка улуттардын колуна өтүп кетип жатканына басым жасайт.

«*Трайбалисттер ачыкка чыкты*» деген макалада автор Назаров аттуу жаранды *«сарттар* ***(узбеки – Б.О.***) *сатылып кетишет» деп айыптап, аны «каны бузук калмак» деп атайт.*

“Кызын кытайга бергенге каршы эмес” деген редакциялык маалыматта “кыргыздар кытайга кызын берсе алар Кыргызстанды каптап кетет, улут учун убайым жебегендерге айла жок тура”, деп бүтүм чыгарат гезит 11-сентябрдагы санында.

Гезиттин ушул эле санында дагы маалымат “ Өзүбүзгө өзүбүз ор казып жатабыз” деп аталат. Анда “эгер Бишкекте кытай тилиндеги мектеп курулуп калса кыргыздарга эмес, кытайларга эле пайда болот. Өзбек, орус мектептерине кыргыз тилинде сабак киргизе албай турганда кытай тилиндеги мектебин курабыз деген акылга сыябы”, деген суроо менен маселе коет. Бул жердеги негизги көңүл бура турган нерсе – маалымат бир окурмандын жеке оюу, пикири эмес редакциялык маалымат экендигинде. Бүтүндөй редакцияда кытай тилиндеги мектеп кандай максат менен курулуп жатат деп Билим берүү министрлигине суроо койгон бир да журналист жок.

“Кыргызстаном должен править чистокровный кыргыз» деп аталган макала өтө улутчул маанайда жазылган. Анда **“**Кыргызстанды кыргыздар башкарбагандыгы үчүн өнүкпөй жатабыз, бул убакка чейинки президенттер болду. Еврейлердин массондук форумуна кыргыз саясатчылары да кирип алган”, деп сын айтылат. “Кыргыздын душманы ичинде - алар калмыктар (монголдор). Ошондуктан Кыргызстанды таза кандуу кыргыз башкарганда өнүгөбүз” деген тезис бар.

Коомдук ишмер Д. Сарыгулов гезиттеге маегинде кытайлардын саны Кыргызстанда 200 миңге жетип калды, муну алдын албаса алар бизди басып аларында шегибиз жок, улутчул сезим бизге абадай керек, деп пикирин билдирген.

“Намысы жок кыргызга чала болот” деген макалада К. Батыров, Ж. Салахуддинов, А. Сабиров, Х. Коркмазов, Р. Шин, Т. Салимов сыяктуу "мекендештерибиз" кыргыздын башына түкүрүп, төбөсүнө чай кайнатып, төрүндө тайрандап, өтүгүн төргө илишүүдө, деп жазат эмоцияга алдырган автор. Аты аталган адамдарды гезит кызматкерлери “мекендештер” деп санабайт, демек кыргыз окурмандарын да ошондой кабыл алууга чакырык байкалат.

## 2. Чындык жана объективдүүлүк принциптерин бузуу. Жалган маалымат таратуу

Маалыматтын тактыгы, чындыгы, бейтараптыгы, теңсалмактыгы фокустук топко кирген газеталардын баарында эле сакталбай жатат. Журналистиканын сапаттык стандарттарын бузуу байма-бай кездешкен көрүнүш бойдон калууда. Фокустук топко кирген ММКларда мындай кемчиликтер ар бир санда бир нече жолудан кездешет.

Депутаттыкка талапкер болгон Аскар Абакировдун «**АША к психиатру, БОТ-хапуга, а оппозиция – жополизы**» деп аталган макаласын Фейсбук социалдык сайтынан гезиттердин бири көчүрүп басты. Макала уят сөздөр менен каралоо максатында жазылган. Макаладагы шылдыңдаган жана каралаган сөздөрдү орус тилинде келтиребиз: «*Атамбаева необходимо проверить на психическое состояние и здоровье в целом....Этот человек всегда чего-то или кого-то боится, его высказывания прилюдно «Котони – жопа»... «Бабанов – хапуга бизнесмен, подмял экономику КР под свой бизнес.» «Вчерашние жополизы Акаевской-Бакиевской системы - сегодня оппозиция*».

Премьер-министр Бабанов менен казак миллиардери Б. Утемуратовдун сүйлөшүүлөрүнүн чуулгандуу стенограммасы россиялык сайтка басылып чыгып, өкмөт башчы парламентте отчет берип жатканда чоң чуу менен коштолду. Бир эле учурда бул стенограмманы башка гезиттер дагы анын чын-жалган экенин текшерип отурбай эле жабыла көчүрүп басышты. Бирок кийин бул стенограмма жасалма жалган маалымат болуп чыкты, анын чындыгын көрсөткөн далилдер болгон жок. Бул стенограмманы баскан газета премьер-министрдин төгүндөөсүн да баскан жок. Этикалык Кодекстин 7-пунктунда: «Журналист эч кандай шартта билип туруп жалган маалымат жарыялабашы керек. Эгерде таркатылган маалымат чындыкка жатпай турган болуп чыкса журналист аны колдо болгон бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен түзөтүүгө милдеттүү”-деп жазылган. Мониторинг тизмесиндеги газета биринчиден текшербей туруп жалган маалымат жарыялады, экинчиден аны төгүндөгөн билдирүүнү да басуудан баш тартты.

Этикалык кодекстин эрежесин бузуунун оркойгон мисалы катары дагы ушул эле гезиттеги **"Атамбаевский зять Жунушалиев творит беспредел" (11.05.12)** деп аталган макаланы атасак болот. Газета заголовокту атайылап бурмалап, ага кошуп Атамбаевдин колуна араа карматып, токойду тоноп аткан кылып фотоколлаж жасап, биринчи бетке койгон. Ал эми экинчи беттеги макаланын ичинде президенттин басма сөз катчысы расмий түрдө Атамбаевдин Жунушалиев деген фамилиядагы күйөө баласы жок экени жөнүндө төгүндөөсү келтирилген. Кыскасын айтканда, макаладагы жазылган фактыларга анын заголовкасы жана сүрөт-коллаж таптакыр карама-каршы келет жана чындыкты бурмалайт.

«Парламент «крышасы» алдында. Бабанов жана анын урук-туугандары Кыргызстандын экономикасын кантип башкарып жатат» деген макалада чын-бышыгы аныкталбаган, далилденбеген тогуз фактыны санап, Бабанов менен анын туугандары Кыргызстандын экономикасын басып алган кылып көрсөтөт. Автор өзүнүн сын-дооматтарынын чындыгын ырастаган бир дагы далил келтирбейт. Автор премьер-министрге атайын жаман ниети бар экенин көрсөтүп, өзүнүкүнөн башка ой-пикирлерди жакын жолотпойт. Мындан макала атайы премьер-министрди каралоо максатында жазылган деген гана тыянак келип чыгат.

“Жапаров өңдүү өкмөттүн "жулик" мүчөлөрү ооз көптүрүп...” деген заголовкадагы материал калыстыктан алыс. Ал тургай “финансы министри А. Жапаровдун "акчасы бар бети жок" деген сүйлөмдөр бар. Бул материал боюнча Жапаров ар-намысыма шек келди деп сотко бериши мүмкүн.

“*Азыркы бийликтеги ана башчылардын бири негативдүү материал болуп калса тазалап тур деп КТРКнын "Ала-Тоо" программасынын жетекчиси Н. Бурхановага миң доллардан берип турат экен*” деген ушак бир гезитке басылды. Макаланын заголовкасы “Бурхановадан "бурр-р" этти” деп аталат. Анын негизги мазмуну мындай: “... демейде атыр жыты алыстан келчү Бурханова айым "буркурап" эле "жашылбай" жыттанып басчу болуп калыптыр. Көрсө, Ак үйдүн ана башчыларынын бири ай сайын 1000 доллар төлөп, өзгөчө өкмөттүн ишине байланышкан "негативдүү" материал болуп калса, "каш-кирпигиңди тергендей эле терип сал",- деп өтүнүптүр. Ошону менен жалаң "жашылбай" жыттанган Бурханова "буркурап" эле турат дейт, чиркин».

Гезит Буркanoванын миң доллар пара-акча алып жатат деп жазганынын чындыгын көрсөткөн далилдерди келтирбесе, анда бул аны каралоого жатат. Бул маалымат Буркановaнын иш беделине чоң эле шек келтирет, демек ал өзүн коргоп гезитти сотко бериши да толук ыктымал.

9-май Жеңиш күнүнө карата кыргыз өкмөтү эки тонна таза спиртти куйдуртуп кетип, чиновниктер "майлуу шабашка" жасады деп такталбаган маалымат жазылган макала жарыяланды.

Гезиттердин бири жалган маалымат жазганы үчүн окурман Асылбек Текебаевден жана жакындарынан кечирим сурашка мажбур болду. Анткени гезиттин 2011-жылдын 18-мартындагы санында депутат И. Пирматовдун маегинде анын «Текебаев инвесторлорду коркутуу жолу менен алардан 85 миң доллар алган» деген сөзүн жарыялаган, гезит ал фактыны далилдей албагандан кийин сотко чейин эле кечирим суроону чечкен.

Интернет сайттардын бири «*Отунбаеванын баласы АШАнын демилгесине каршы чыкты*» деп аталган макаланы Интернеттен көчүрүп басты. Анда «*Эчактан бери эле масон коомунда жүргөн экс-президент Р. Отунбаева эми ачыкка чыкты*" деп жазат. Экс-президенттин Мадрид Клубуна кириши автор тарабынган масон коомунун мүчөсү болду деп жоромолдонот.

Биринчиден, автор өзүнүн сөзүнүн чындыгын бышыктаган бир дагы булак көрсөтпөйт, демек бул маалымат факт эмес. Экинчиден, автордо же дегеле табиятта Мадрид Клубу масондордун коому экенин көрсөткөн бир далил табылышы кыйын, демек автордун сөзү жалган жана административдик жана кылмыш жоопкерчилиги каралган «жалаа» деген кылмыш кодексиндеги статьяга туура келет**.** (**Википедиядан: Мадрид клубу** — *көз каранды эмес коммерциялык эмес уюм, демократияны жайылтуу жана эл аралык коомчулукта өзгөрүүлөрдү жүргүзүү үчүн түзүлгөн. Анын курамында 56 өлкөдөн 80 мурдакы президент и мурдакы премьер-министр бар, мурдакы мамлекет башчылары менен өкмөт башчыларынын дүйнөдөгү ири форуму болуп саналат. 2002-жылы түзүлгөн*). Аталган гезит эч бир чындыгы такталбаган маалыматты көчүрүп басуу менен журналистиканын фактылардын чын-бышыгын текшерүүнү талап кылган этикалык жана кесиптик стандарттарын бузууга жол берди.

Ушул эле гезиттин кезектеги санында (16.03.2012) "*Текебаев жаңы президентти даярдоодо* " деп аталган макалада "Ата Мекен" партиясынын лидери О.Текебаев менен вице-премьер-министр Ж.Оторбаев эл аралык жашыруун кылмыштуу уюмдун мүчөлөрү катары көрсөтүлүп, алар чет элдик транс улуттук корпорациялар менен сүйлөшүп алып, өлкөнүн бардык активдерин сатууга даярдап жатканы айтылат. Макалада бир дагы далил келтирилбейт, баары ойдон чыгарылган. Бул маалыматтар макалада бирөөгө таандык ой-пикир эмес, турмушта бар факты катарында жазылат, бирок чын-бышыгын аныктаган далилдер жок. Сот бул маалыматтарды чындыкка жатпаган жана белгилүү саясий ишмерлердин ар-намысына жана беделине доо кетирген жалаа катарында баалап чечим чыгарышы мүмкүн. Мындай мисалдар соттун практикасында толтура кезигет.

Парламент депутаттары Р. Жээнбеков и Ө. Абдрахмановдун «Ата Мекен» партиясынан чыгарылышы ММКларда кызуу талкууланды. "Эмне үчүн америкалыктарды «Ата Мекенден" чыгарышты» деп аталган макалада эч бир далили жок эле бул депутаттарда АКШнын грин картасы бар, аны жашырып жатышат деген саптар бар. Бул маалыматтын чын-бышыгын депутаттардын өздөрүнөн эле сурап тактап койгонго болот эле, бирок сайттын журналисттеринин ага мойну жар бербеди. Ошондо гана бул сайттын журналисттеринин мамилесин бейтарап жана тең салмактуу болмок.

«*Премьерская кадриль*» деген аталыштагы макалада «Жогорку Кеңеште «кылмыштуу» дүйнөнүн бир канча өкүлдөрү отурат, алардын достору турмөдө отурат, ошондуктан аларга сөз укпаган Байзаковду кызматынан алуу аябай керек эле" деп жоромолдоп жазып чыкты. Бул автордун жеке пикириби же турмуш чындыгыбы, аны ажыратуу кыйын. Журналистканын эч жакка жан тартпастык принциби жеке пикир айтууга болбойт дегенди билдирбейт. Бирок окурманга фактылар менен жазылган макала менен бирөөлөрдүн ой-пикири жана комментарийлер жазылган материалды ажыратып берүү милдет. Ансыз деле ЖК депутаттар ушуга окшогон сөз айтты деп ички иштер министрин орун басары Мелис Турганбаевди жарга такап жатышкан кези. Балким, бул жерде МК-Азиянын кызматкери, министрдин орун басары айткан сөзгө ишенип алып, аны кайталап жаткандыр, бирок анда ага шилтеме бергенди унутуп калган. Бул бирөөнүн оозунан чыккан сөз болгон күндө дагы журналисттин этикасы сындалып жаткан адамга карата ой-пикирлердин теңсалмак берилишин талап кылат.

«Альфа-телеком» компаниясынын айланасында түзүлгөн кырдаал жөнүндө жазылган макалада автор эки олуттуу ката кетирген. Биринчиси компаниянын сатууга коюлган баасын туура эмес көрсөткөн. Газетада: «Альфа-Телеком компаниясынын 49 % акциясы 4,9 млн сомго сатылат» деп жазылган. А чынында компаниянын 49 % акциясы 4,9 млрд сомго бааланган. Бул маалымат өкмөттүк булактар аркылуу нечен жолу берилген.

Экинчиси– компаниянын кеңешчиси Абековдун оффшор аймагындагы эсептерине 6 млн доллар мыйзамсыз чыгарылып кеткени жазылган маалыматтын булагы көрсөтүлгөн эмес. Муну ким айтты, баш прокурорбу, депутатпы же базарда айтылган сөзбү? Газета бул маалыматты ким билдиргенин көрсөтпөсө анын чын экенине ким ишенет?

Газетанын ушул эле номурунда Кыргызстанда өспүрүм балдардын арасында өз жанын кыйган учурлар көбөйүп жатканы, Токтогул районунда баптист дининдеги кыргыздын үйүн өрттөп кетишкени жөнүндөгү маалыматтардын дагы булагы көрсөтүлгөн эмес. Эгерде газета муну расмий органдардан алып жарыялап жатса бир жөн, анда кимден

алынганы көрсөтүлүш керек. Эгерде бул жөн эле Интернеттен көчүрүлгөн жана анык-чыны текшерилбей туруп басылган маалымат болсо ага ишенүүгө болбойт.

"ЦИК-частная лавочка Абдраимова?" деп аталган материалда БШКда ушул азыркы учурда иштеп жаткан 26 кызматкердин тизеси келтирилип, алар БШКнын төрагасынын жакын тууғандары болуп көрсөтүлгөн. Сайттын администрациясы бул маалымат сайттагы «Премьера в князи» деп аталган макалага Айжан аттуу окурмандан келген пикир экенин белгилеген. Демек, бул факт эмес, жөн гана бир адамдын оюжоромолу, чындыгы такталбаган маалымат. Редакция бул маалыматтын чындыгын текшерип коюуга мойну жар берген эмес. Ошол эле учурда бул маалымат башка сайттарга көчүп көбөйө баштаган. Ошон үчүн сайтта бул материалдын алдындагы форумда окурмандардин бири "бул төраганын ордун ээлегиси келген БШКнын мүчөлөрүнүн бирөөсүнүн акчасына жазылган макала" деп жазып жатат.

Бишкекте болгон элдик курултайды президенттин өзүнүн макулдугу менен өттү деп жазды: "*Демек спорт сарайындагы бул кыймылга ( курултай) АШАнын өзү уруксат берген турбайбы, анткени ал ыйгарым укуктарын көбөйтүүнү каалап жатпайбы* " деп жазган автордун мындай бүтүмү "спикер менен анын агасы АШАнын коюн-колтук алышкан достору" экенине негизделиптир.

Кыргыз гезитиндеги премьер-министр Бабанов жөнүндөгү маалыматты орус тилдүү гезит которуп басты. ("*Премьер Бабанов каждый вечер гуляет в госрезиденции. За банкеты не платит, бедный*"). Текст куйкум саптар менен жазылган: "Күндө майрам, күндө той. *Бабанов мына ушинтип чардайт. Эски бийликтин тушунда мамлекеттик резиденциядагы ресторандан шаң-салтанат үзүлчү эмес. Анда Максим Бакиев менен анын байкеси Жаныш күнүгө күтүрөтө той берип, таң аткыча чардашчу. Эми алардын ордун Максимдин жолун жолдогон, анын орун басары ... премьер ээледи. Бүтүн өлкөнү алаканына салып чимирип жаткандан кийин салтанат курбай коймок беле"?*

Биринчиден, эгер бул бирөөнүн жеке оюу болсо, анда дал ошондой кылып гезитте белгилеп, ким тарабынан айтылып жатканын көрсөтүш керек эле. Экинчиден, бул жерде айтылгандардын баардыгы чындыкты эмес, "жумурткадан кыр издегенге" барабар болуп калыптыр. Демек максат бирөө эле - мамлекеттик ишмерди колдон келишинче каралап, ошондон упай алуу деген ой кетет.

Интернет гезит 10-июндагы макалада Ош коогалаңы америкалыктардын кыянат иши деп жазды. "*Чындыкты айтуунун учуру келди. Америкалык кеңешчилер биздин республикада кантип жана эмне кылып иштеп жатышкандыктарын, алардын эмне пландары бар экенин көрмөксөнгө, билмексенге салуу - демек өз өлкөсүнүн коопсуздугуна каршы иштөө дегендик. Кыскасын айтканда бүтүн Фергана өрөөнүнө өрт коюу – АКШнын эң башкы жана алыска кеткен максаты."*. Автор муну жазгандан кийин өзүнүн оюн ырастаган же бекемдеген бир фактыларды, далилдерди келтирсе жакшы болмок, же болбосо эл аралык саясатты билген эксперттердин, кан төгүлгөн окуяларды иликтеген комиссиялардын өкүлүнүн пикирине кайрылса болмок. Бирок ага мойну жар бербей, өзүн шумдук эксперт катары көрсөтүп, божомолжоромолго толгон ой-толгоосун таңуулайт. Демек бул макаланы болгон окуянын себеп-натыйжаларын объективдүү көрсөткөн чындык катары кабыл алууга болбойт.

«Бабановбу же кошоматчылар былгытып жатабы?» деп аталган маалыматта «Адамдар кеп кылышты деген шилтеме менен "Республика" партиясынын жигиттери Ат-Башы районундагы жыйында Атамбаевди жамандап, Бабановду мактап жатышат, деп бир жактуу жазылат. «Көмүскөдөгү көрүнбөгөн акчалар” деген маалыматта Бишкек шаарында илинген 3 миң рекламалык баннер болсо, анын 2 миңинин миллиондогон акчалары Бишкек мэриясынын эки-үч чиновнигинин чөнтөгүнө түшүүдө, деп эч далили жок бүтүм чыгарылат.

“Айланайын АКШ аке” деген кабарда “Тышкы иштер министри Р. Казакбаев АКШга барып, грант бергиле жүрөт” деп маалымат булагы көрсөтүлбөй берилет. «Карашев "Ата Мекен" партиясын кантип тизеге чапкан?» (Авт. С. Дуулатов) деген макалада өкмөттүн биринчи вице-премьер-министри А. Карашевди убагында Ошто губернатор болуп турганда "Ата-Мекен" партиясын ЖКга өткөрбөй коюуга мыйзамсыз иштерди жасаган деп бир фактысы жок, жеке пикири, божомол менен күнөөлөйт, сындайт.

«КЖК борбордо митинг уюштургусу келет, бирок тыйыны жок» аттуу редакциялык маалыматта "Кыргызстандын жаңы күчтөрү" кыймылынын төрагасы оппозициячыл депутат К. Ташиевден митинг өткөрүүгө акча сураптыр” деп жазат. Маалымат "бизге акырын шыбырашты", "бейрасмий маалыматка караганда" деген “булактар” менен жазылган.

«Таштемир. Тапанча. Табышмактуу өлүмдөр” деген маалыматта “Кыргыздын бычакка сап жигиттеринин бири Баяман Эркинбаевди 2005-жылдын 21-сентябрь күнү өз үйүнүн алдынан атып кетишкен. Жакында Баяманга ажал алып келген ошол тапанча табылыптыр. Укканыбызга караганда ал тапанча Улуттук коопсуздук кызматына тийиштүү экен” деп жазылат. Макала бир жактуу, улуттук коопсуздук комитетинин жообу суралган эмес. Ушундай эле маанайдагы редакциялык маалыматтарда “укканыбызга караганда” деген шилтеме менен берген маалыматтар аз эмес кезигет.

Гезиттерде такталбаган, ошондой эле журналисттин жеке пикири, бүтүмү аралашкан материалдарды жарыялоо мүнөздүү көрүнүш. “Ажолук атадан калган бизнес эмес” деген ат менен жазылган редакциялык маалымат мисал боло алат: **“**Аты-жөнү - Бакыт Төрөбаев, кадимки Эргеш Төрөбаевдин уулу. Бу жигиттин ажо болуу амбициясы мүнөт санап өсүп, 2017-жылы боло турган президенттик жарышта сөзсүз алдыга озом деп чамынууда. Эмитеден эле кыялында такка отуруп алганбы, кан досу Алтынбек Сулаймановду "чанып", "жолбашчысы" Өмүрбек Бабановго далысын салып, позициясын кескин өзгөрттү. Ал ушу тапта оппозиция "фронтуна" тымызын кошулуп, эки жээкте "ойноп" атат” деп бүтүм чыгарат гезит.

Киши колдуу каза болгон У.Алиевдин иши боюнча кылмышка шектүү деп кармалган Азизбек Качыбековду ИИМдин тергөөчүлөрү тарабынан бир нече жолу кыйноо, уруп-сабоолор болгон деп бир жактуу жазылат. Бирок күнөөлөнүп жаткан тараптын оюн берейин деген журналистин аракети билинбейт, жабырлануучуга аябай жан тартканы байкалып турат.

“Армияда Архимед ким?” деген маалыматта Улуттук гвардиянын командачылыгы аскер мөөнөтүн өтөп бүткөндөрдөн аскер формасы үчүн, ремонт үчүн деп алты миң сомдон ашык акча алып калышат экен деп жазат, кайдан келген маалымат экени айтылбайт.

“Убактылуу өкмөт ууру эмес” деген маалыматта 2010-жылы бийликке келген Убактылуу өкмөт мүчөлөрү ошол учурдагы өкмөт башчысы Д. Үсөновду качырып жиберишкен, ага тиешелүү мүлктөрдү аялына кайтарып беришкен деп бир дагы далил келтирилбей эле божомол маалыматтар берилген. Мисалы, “7-апрелде Д. Үсөновду Ак үйдөн Р. Отунбаева менен Т. Сариев чыгарып жиберишкенин укканбыз” деп жазат гезит. Гезит көчөдө айтылган оозеки кепти далил катары келтирет.

«Ажылыктан акча жасагылары келишет» аттуу маалыматта ажылык сапарды көзөмөлгө алып, акча жасагылары келип жатат, деп президент аппарат башчысы Ж. Сатыбалдиев жана дин комиссия башчысы А.Жумабаев шектелип жазылган. Далил, фактысы жок эле "айтылууда" деп жазат гезит. Сөз болуп жаткан эки чиновниктин оюу жок, сурап койгонго журналисттин аракети байкалбайт.

“Куйрук кесмейдин устасы” деген макалада азыркы президенттин аппарат башчысы Ж. Сатыбалдиев Ошко губернатор болом деп убагында 20-30 мин долларды которуп, Акаевдин аялы Майрамга барган деп, өтө оор кылмыш деп эсептелген «коррупционер» катары сындалаган. Факты, далил жок.

“Жалал-Абадда Өмүрбектердин салмагы канча” деген чакан маалыматта “Өмүрбек Бабанов менен Өмүрбек Текебаевдин кимисинин салмагы Жалал-Абадда канча экендигин иликтеп көрдүк. Текебаеге караганда Бабановдун колдоочулары көп болуп чыкты” деп берилген. Ал кандай ыкма менен өткөрүлгөн иликтөө жөнүндө айтылбай эле, Бабановду бир жактуу мактап, Текебаевди сындйт. Эч аргументи жок эле “ Чиркешовичтин абийри айылдаштарынын алдында айрандай эле төгүлдү” деп жазат.

## 3. Теңсалмактык жана жан тартпастык принциптери сакталбаган учурлар

Ар башка тараптардын чыр-чатактардын чагылдырууда ММК пикирлердин тең салмактыгын жана жан тартпастык принцибин дайыма эле сакташпайт. Мисалы, гезиттердин бири тергөө жыйынтыгын жана сот чечимин күтпөй эле борбор шаардагы мектеп директорун мектепте кулчулук системасын орноткон, мыйзамсыз акча жыйнаган жетекчи катары жаманатты кылып жазды. "*Заслуженый рабовладелец*" деп аталган макаланын автору күнөөнүн баарын директорго үйөт: “*№ 44 мектептин директору ... кол алдындагыларда «саап» калды. Эмгек акы берип жатканда бир миңден же эки миң сомдон эчтеке айтпай дебей эле кармап калганга кыныккан. Пол жууган кызматчылардын: "Эмнеге кармалып жатат?" – деген суроосуна ал, ишке мас болуп келдиң, жакшы иштебейсиң, ушуга шүгүр де, жумушуң бар, айтканга көнбөйт экенсиң күнүнө сегиз саат шыпыргы колуңан түшпөйт деп коркутат. ... Жумагулова мектепте кадимкидей эле кулчулук система түзүп алгандай көрүнөт. Ал техничкаларды чуркатып иштетип, ошол эле учурда алардын итирейген эмгек акысынан өөнөп турган»*.

Автор Каржы полициясынын материалдарына таянып жазса дагы, тергөө материалдары биреөнүн күнөөсүн көтөргөнгө укук бербейт. Макаланын биринчи беттеги мектеп директорунун сүрөтү менен берилген бакыйган заголовкасы эле (“Заслуженный рабовладелец”) соттон биринчи бүтүмдү жарыя кылат. Газетада окурман адегенде заголовканы окуйт, анын көнүлүнүн 70 пайызы заголовкага түшөт. Ошондуктан бул макала аркылуу мектеп директору бүтүн республикага ууру, жегич

директор катары жаманатты болду. А чынында тергөө кандай бүтөрүн айтуу кыйын. Мектептердеги коррупциялык айыптоолор боюнча козголгон иштердин көбү сотко жетпей, келечеги жок болгондуктан кыскарып жаткан учур. Ошондуктан кесиптик нормалар тергөө жана сот процесстерин дагы объективдүү чагылдырууну талап кылат. Иликтөө тергөө иштеринин жана соттук териштирүүлөрдүн бардык стадиясында журналист бардык көз караштарды камтыганга умтулушу керек. Бул жерде директор эмне болуп жатканын түшүндүрүп жооп айтканга элементардык укугунан да ажыраган. Журналист мектеп директорунун укуктарын жана кызыкчылыктарын билгиси да келген эмес.

Башка гезит 31-майдагы санында премьер-министр, каржы министри Кумтөр бөлүп берген миллиард сомду кымырып койгон жатышат деген мааниде сындап жазды. Автор макаласын "Айтор иттин өлүгү бардай. Бабанов менен Жапаров көмгөн.. Же ...Кумтөрдүн миллиондорун сугунуш үчүн ушундай насыя берүүнү ойлоп таптыбы" деп аяктайт. Автор өзүн бейтарап кармабай, башкаларга кошулуп алып, премьер-министр менен министрди бир тараптуу сындайт. Журналист калыстык кылып, кесиптик этиканы сактап башкалардын көз карашын же каршы ой-пикирлерди дагы эске алса болмок.

Ушул эле газета ошол эле санында коопсуздук комитетинин кызматкеринин аялы менен болгон соттук чатагына кийлигишип, анын чечмелеп жазганга аракет кылды. Автор чекисттин жубайы тарапка өтүп алып, ага жан тартып, аны менен кошо бир жактуу күнөөлөгөн позицияда болуп калган. Сот процесстерин чагылдыруу журналисттен өтө этияттуулукту жана бейтараптыкты талап кылат. Анын үстүнө үй-бүлөдөгү эрди-катындын чатагында чындыкка жетүү журналист үчүн оор иш. Этикалык Кодекстин 13-пуктунда биринчи сапта: «Сот процессин чагылдыруу айыпталгандарга карата ысык-суугу жок мамиледе болушу керек» деп жазылат.

Гезиттердин биринде 25-майдагы санында Госкомгеологиянын мурдакы кызматкеринин бул мекеменин башчысы У.Ташбаевди өлкөнүн жаратылыш байлыктарын сатып жок кылуу планын даярдап жатат деп сындаган макала басылды Газета теңчилик үчүн У. Ташбаевдин жообун алып жарыяласа болмок, бирок аны жасаган жок. Демек мындан бир эле бүтүм чыгат- бул гезиттин Госкомгеологиянын жетекчисине ич күптүсү бар, ошон үчүн аны атайылап жамандап, ага жооп сөз айтууга мүмкүнчүлүк бергенди каалабайт.

Башкаруучу коалициядагы фракциялардын ортосундагы саясий чыр-чатактар июль-августта ММКларда башкы тема болуп калды. Контент-анализ ММКлардын тигил же бул саясий күчтөргө же ишмерлерге жан тартып жатканын көрсөтүүдө, бул көбүнчө кыргыз тилдүү гезиттерге мүнөздүү көрүнүш болуп калууда. Фокустук топко кирген орус тилдүү басылмаларда негизинен мындай бөлүнүү байкалбайт.

Бирок өкмөттүн таркашын талап кылып жаткандарды сындаган макаланы мисалга алсак, анда газета премьер-министр Бабановдун ишмердигин "жемиштүү" деп баалайт, ал эми өкмөттү сындаган депутаттардын демилгесин "реформаны муунткан сыйыртмак" деп сындайт. **(Бизге ушундай жаңылануунун кереги барбы? 7-август 2012-ж.** ). Бул материалдагы **а**втордун позициясын бейтарап деп айтууга болбойт, анын өкмөткө симпатиясы даана көрүнүп турат.

Башка газета **“**Айкөл эл” партиясынын лидери Э. Байсаловдун социалдык өнүктүрүү министринин милдетин аткаруучу болуп дайындалганын терс кабыл алды**. (**“*Ну и ну! Министром соцразвития назначен… одиозный Эдиль Байсалов*!” Окурмандарга ошол замат эле болочок министрдин **“**АКШдан акы төлөнгөн укук коргоочу катары көп сандаган митингдерди жана чагымдарды кылганы, ал түгүл анын өзүн өзү сабап, спекталь койгону” эскертилет**. “***2007-жылы парламенттик шайлоонун алдында ал шайлоо бюллетенинин үлгүсүн Интернетте жарыялап жибергени, бул ээнбаштык же чагымчылык бюджетке олчойгон зыян алып келгени*” айтылат. Акырында газета : “*Баса, Байсалов Швецияда бир нече жыл жашаптыр. Деги анын Кыргызстан жарандыгы бар болду бекен*” деген суроо коет. Мунун чын-бышыгын газета өзү деле текшерип көрсө болмок, бирок бул суроого жооп жок.

“*Кыргызстан: религия, педофилия, турецкое нашествие, национализм*» деп аталган макалада медресенин мудариси Нур Саид менен Ош шаарынын мэри Мырзакматовдун дарегине негизсиз күнөөлөр айтылат. «*Ыйык Сулайман Тоо» медресесинин мудариси, улуту боюнча түрк, Түркиядагы Нур Саид теологиялык окуу жайын бүткөн Нур Саид өзүнүн окуучуларын зордуктап келген. Бул окуя кечээ эле башталган жок, бир нече жылдан бери болуп келатат. Нур Саид өзүнүн курмандыктарын коркутуп-үркүткөндүктөн алар үн каткан эмес. Мударистин жоруктары жөнүндө медресеинин жетекчиси түрк Ахмет Шакир жакшы эле билет, бирок өз жумуп келатат*» - деп жазат газета. Бул “фактыларды” ким, кайда жана качан билдирди? Материалда бул суроолорго такыр жооп жок.

Автор ошондой эле Ош шаарынын мэри мамлекетке коркунуч туудуруп жатканына да бөркүндөй ишенет: «*Ош жөнүндө айта турган болсок, анда шаардын “кожоюну” жеткен улутчул жана коррупционер, кылмыш дүйнөсү менен коюн-колтук алышкан, түрктөрдүн алдында жүгүнүп кызмат кылган Мелисбек Мырзакматов жөнүндө айтпай кетсек болбойт. Бул адам жаман иштерге белчесинен батканы ушунчалык, аны бул өмүрдө жууп кетире албайт. Ал түгүл Мырзакматовдун эки миңдей куралданган согушкерлеринен турган өзүнүн армиясы бар деп айтууга негиз бар. Алар биринчи эле кабар боюнча аттанып чыгып, калайман салганга даяр турушат*».

Эгер маалыматтын ишенимдүү булагы көрсөтүлбөсө, анда аны чындык катары кабыл алынбайт. Бул материалда каралоо болуп жатат же далилсиз күнөөлөр коюлууда. Редакция объективдүүлүк жана тең салмактыкка жетишүү үчүн мудариске жана мэрдин өзүнө, укук коргоо органдарына кайрылып, маалыматтан чын-бышыгын эмне үчүн тактабайт? Бул материалда журналистиканын бардык нормалары бузулган деп эсептейбиз. Ал абдан бир жактуу жана текшерилбеген маалыматка негизделген.

КТРКнын Жаштар редакциясында болуп жаткан чыр-чатак жөнүндө республикалык гезиттердин бири жазып чыкты. Материалда КТРКнын Жаштар редакциясынан келген ачык катта айтылган бир нече “фактылар” келтирилет. Анда КТРКда коррупция, интрига, бири-бирин басмырлоо, эмгек тартибин бузуу сыяктуу терс көрүнүштөр болуп жатканы ж.б айтылат. Мунун баарына КТРКнын Байкоочу Кеңеши “көз жуумуп жатат” деп кине коюлат. Материал бир жактуу жана объективдүү эмес. Экинчи тараптардын көз карашы жок, автор аны камсыз кылууга аракет да кылып көргөн эмес.

## 4. Саясий реклама жана анти-реклама

ММКлар, тилекке каршы, дагы эле көп учурда кандайдыр бир саясий максаттын жетегинде тигил же бул саясатчынын же саясий топтун кызыкчылыгына кызмат кылууда. Фокустук топко кирген гезиттердин бир тобунда тигил же бул саясий лидерлерге жан тарткан же каралаган макалалар көп учурайт. Мисалы: "*Всем известно, что он мастер политических интриг, серый кардинал..." оппозиции...*, деген жалпылоо, каралоо пайдаланылат.

Башка макаланы алсак, анда белгилүү ишкер соодагер ижарачыларды коркутуп үркүтүп жатат деп айыпталган: "*Я тебе пинками разможу почки*!". *Аким Омурбекова всячески поддерживает самоуправство Жолдошбекова"*. Аталган ишкердин ижарачыларды коркутуп үркүтүп жатканына эч бир далил келтирген эмес.

Газеталардын бири жарыялаган “Сазайыңды президент берсин” деп аталган редакциялык макалада "Кыял" өндүрүштүк бирикмесиндеги курчуган кырдаал жөнүндө сөз болуп, бирикменин директору Макашов, каржы министри А. Жапаров катуу сынга алынган. Газета чырдашкан тараптардын бир жагына жан тартып, колдоп жаткандыктан анын позициясы объективдүү, бейтарап, жан тартпастык принциптерине жооп бербейт.

Фокустук топко кирген ММКларды тигил же бул саясатчынын же саясий топтордун максатына жетүүгө пайдаланылган курал катарында карасак болот. Мисалы, гезиттердин бир тобу **“**Ата Журт”, “Бүтүн Кыргызстан” партиялары жана анын лидерлери - К.Ташиев, А.Мадумаров, А.Келдибеков жөнүндө жалаң гана бир жактуу мактаган макалаларды жазат. Гезиттин ар бир санында аталган саясатчылардын интервьюсу, ой-пикирлери болот. Ошол эле учурда алардын атаандаштары – А.Атамбаев, Ө.Бабанов, өкмөт мүчөлөрү жана башкаруучу коалиция өкүлдөрү сатиралык коллаждар менен коштолгон материалдарда курч сынга алынат.

Тетирисинче, бир катар гезиттерде президент Атамбаев, премьер-министр Ө.Бабанов жана анын партияларына катуу сын берилбейт, болсо дагы сылык жана этият айтылат. Ошол эле учурда оппозициянын лидерлеринен (**Ташиев, Келдибеков, Мадумаров**) сын кетпейт. Бир жактуу сындаган же мактаган макалалар көп кездешет.

Маалыматтын тактыгы, чындыгы, бейтараптык, баланс фокустук топтогу гезиттерде негизинен сакталбайт. Журналистиканын стандарттарын, этикалык нормаларын бузуу адатка айланган. Мындай кемчиликтер менен өксүктөр аталган гезиттердин ар бир санында кезигет.

Мисалы, бир гезитте депутат-оппозиционер **А.Келдибеков** качып издөөдө жүргөн **Д.Үсөнов** менен **(экс**-премьер-министр) менен жолукту деп жазылат. Кай жерде, качан жолукканы, аны ким айтканы жөнүндө тактап бышыктаган маалымат жок. Журналисттер мындай маалымат жазганда фактыларга таянбай эле өздөрүнүн ой-пикирин эле чындык кылып көрсөтүп жаза беришет.

Тилекке каршы, журналисттер жеке өзүнүн оюн таңуулаган учурлар адатка айланды. Мисал: “*Бабанов Атамбаевге караганда чоң “жулик”, ошондуктан дайыма суудан кургак чыгат. Бул жолу дагы АША* (Атамбаев) мыш болот, куда каалаcа”.

Гезиттердин бири биринчи вице-премьер **А. Карашевдин** кыянат иштерин “ашкерелеген” макала жарыялады (“*Бакиевди саткандарга өлүм, же Чыңгызхан менен*

*А.Атамбаевдин айырмасы эмнеде*?”). Материал бүтүндөй бир адамдын сын-дооматы менен айыптоолоруна толгон. Макаланын каарманы автордун айтымында “кошоматчы”, “карасанатай”, “абийирсиз”, “сатылган”, “элдин каргышына калган” саясатчы катары сындалат. Андагы жазылган маалыматка караганда, А. Карашев Максим Бакиев менен ээн отуруп тост көтөрүп: “Мен Курманбек Бакиев үчүн жанымды берүүгө даярмын. Биз түштүктүктөр аны сатпайбыз, а саткандарга өлүм” деп айткан.

Бул жогорку кызматтагы адамды бир адамдын, балким анын саясий душманы болгон адамдын жеке ой-пикири менен жаманатты кылуунун айкын көрүнүшү. Аталган газетанын позициясы макаланын каарманына карата объективдүү эмес, тең салмактанган эмес. Бул макаладагы козголгон маалыматтар боюнча “жалаа” жана “кордоо” статьялары боюнча соттук доонун козголуш ыктымалдыгы дагы реалдуу. Автордун пикири кайсы, божомол-жоромолу кайсы, фактысы кайсы билбейсиң, баары аралашып, чаташып калган. Газета Этикалык Кодекстин онунчу пунктундагы: “Фактылар, божомолдор жана пикирлер бири-биринен так бөлүнүп турушу керек” деген норманы бузган.

«Элмурзаны 3 миллион доллар майтара албады” деген макалада үч миллион сом алды деп депутат Р. Жээнбеков тарабынан күнөөлөнүп жаткан мурдагы башкы прокурор Э. Сатыбалдиев бир жактуу макталып жазылат, ашыра коргоого алынат. Башка пикир жок, автордун, гезиттин кызыкчылыгы бардай сезилет.

«Атадан өткөн уул, элдик генерал» деген материалда генерал Курсан Асанов бир нече окурмандардын пикири менен бир жактуу макталат, бир эле учурда генералдын үч фото сүрөтү берилген. Редакциянын бул генералга болгон бир жактуу кызыкдар мамилеси, жеке кызыкчылыгы бар экендиги гезиттин мурдагы сандарындагы материалдардан байкалган.

Дагы бир гезиттин материалдарында ЖКдагы “Ата-Журт” фракциясынын лидери К. Ташиевди бир жактуу даңазалоо, мактоо маанай байкалат. Мисалы, гезиттин 10-майдагы санындагы бир эле фоторепортажда депутат К. Ташиевдин 12 фотосүрөтү жарыяланган.

Экинчи бир гезит ЖК депутаты Б. Төрөбаевди редакция курулай мактоого, коргоого алып, “ал азамат” “элди багып жатат”, “ага асылгандар көбөйдү” деп адвокаттык кылат. Ушундай эле маанайдагы материал генерал Ө. Суваналиев жөнүндө жазылып, аны “министр койсо коррупция жоюлат эле” деп мактоого алып жазылганы редациянын ага өтө эле жан тартканы байкалып турат. Эгерде жогорудагы материалдар кайсы бир окурмандын атынан кетсе, анда пикир катары өзүн актамак.

“Жылдыз Жолдошева: Текебаев злейший враг народа” деп аталган макалада “Ата Мекен” партиясынын лидери Өмүрбек Текебаевди каралаган маалыматтар жазылган. Анда “Ата Мекен” партиясынын лидерине жылдызы каршы келген депутат Жылдыз Жолдошеванын ой-пикири бир жактуу келтирилген. Аталган депутаттын айтымында, Текебаев “парламенти таркатуу” жана “АШАны маскаралап кууп чыгууну” максат кылууда, ошондуктан ал “президенттин жана элдин өчөшкөн душманы” болуп саналат.

Бул газетада Текебаевди каралаган мааалыматтар көп берилет, ошол себептүү ал Этикалык Кодекстин 17-пунктундагы “ атаандаштардын көз караштары, анын ичинде

журналист сындап жаткандардын да көз караштары теңсалмак берилиш керек” деген эрежени бузуп жатат.

## 5. Кылмышка шектүү адамдардын аты-жөнүн негизсиз ачыктоо

ММКларда кылмышка шектүү адамдардын аты-жөнүн туура эмес ачыктаган учурлар кездешип келе жатат. Этикалык нормалар коомдук мааниси талапка ылайык болмоюнча кылмышка шектүү адамдардын аты-жөнүн ачыктоого тыюу салат.

Бир катар ММКлар март айында тогуз жашар баланын өлтүрүлгөн окуясын кеңири чагылдырышты. Көп гезиттер бул кылмышка шектүү деп кармалган эки аялдын турмушу жөнүндө маалыматтарды жана алардын сүрөтүн жарыялашты. (“*Эне туруп 9 жашар баланын өмүрүн кыйышты*”, 23-март 2012-жыл). Эксперттер бул материал тергөө материалдарына гана негизделип жазылып, кылмышка шектүү аялдарды күнөөкөр катары көрсөтүп, этикалык нормаларды бузуу менен жазылды деп эсептешет. Сот бирөөнүн күнөөсүн далилдемейинче, эч ким, анын ичинде журналист дагы аларды кылмышкер деп айтууга акысы жок. Газета кылмышка шектүү адамдардын аты-жөнүн, жашап турган жерин ачыктаганы туура эмес.

Бир катар ММКлар апрелде Ош шаарында россиялык чек арачынын үй-бүлөсүндө бала өлгөн кайгылуу окуяны терип-тепчип жазышты (*Кровавая пятница в Оше, 17.04.12*) (*Пляска на детских костях, 24.04.12*). Бул кылмышка шектүү катары орус чек арачысынын аялы кармалган. Көп гезиттер кылмышка шектүү деп кармалган аялдын аты-жөнүн, биографиялык фактыларын ачык жазышып, ал түгүл сүрөтүн кошо жарыялашты. Эксперттер бул этикалык нормаларды бузууга жатат деп эсептешет, анткени алдын ала тергөөнүн эле материалдарына таянып, адамды кылмышкер же киши өлтүргүч катары көрсөтүүгө мыйзам да, этика да жол бербейт. Сот адамдын күнөөсүн далилдемейинче, эч ким, анын ичинде журналист дагы кармалган аялды киши өлтүргөн кылмышкер деп атоого укугу жок.

Этикалык Кодекстин 13-пунктуна ылайык, журналист соттун тиешелүү чечими чыкмайынча адамды кылмышкер деп атай албайт. Материал даярдап жатканда журналист кылмыш боюнча шектелип жаткан адамдардын аты-жөнүн жана сүрөттөрүн жарыя кылуудан алыс болушу зарыл. ММК кылмышка шектүү адамдардын, алардын туугандарынын жана досторунун аты-жөнүн ачык айтуудан алыс болгону кажет. Аталган макалада оор кылмыш жөнүндө жазылган, бирок ошого карабастан кесиптик этика тергөө учурунда кылмышка шектүү адамдын атын-жөнүн купуя кармоону жана сүрөтүн жарыялоону терең ойлонуп жасоону талап кылат.

Ушул эле газетанын 13-апрелдеги санында ушундай эле кемчилик кеткен. “Криминфо” рубрикасынын алдында жарыяланган материалда (*От алкоголизма до каннибализма*) бир аялды зордуктады деп шектелип жаткан адамдардын фамилияларын, сүрөттөрүн жарыялаган. Кылмыштарды чагылдырууда журналисттерге кесиптик даярдык жетишпей жаткандыгы ушундан көрүнөт.

Басылмалардын бирөө жарыялаган **“Таш боор кыздар”**. (20.07.12) деп аталган макалада автор мектепте окуган үч кыздын өздөрү менен чогуу окуган башка кызды уруп-сабашкандыктары, укук коргоо органдары бул факты боюнча көпкө чейин кылмыш ишин козгобой жатканын жазган. Автор бардык маалыматтарды сабалган

кызга укуктук жардам көрсөтүп жаткан укук коргоочудан алып берген. Кыздын ата-энеси дагы улут аралык касташуу фактысы боюнча кылмыш иши козголушун талап кылып жатышат. Анткени сабалган кыз уйгур, аны сабагандар кыргыз кыздар. Макалада бир гана жабыркаган кыздын жүйөөлөрү келтирилген. Экинчи тараптагылардын сөзү угулбай калганы бул материалдын объективдүүлүгүн жокко чыгарып койгон. Улуттук белгиси боюнча басмырлоо болуп жаткандыгы жөнүндө маселе козголуп жазылган макалада автор бир тарапка жан тарткан болуп көрүнүп калган.

Экинчиден, макалада уруп-сабалган кыз менен аны сабады деп күнөөлөнүп жаткан кыздардын аты-жөнү ачык жазылган. Бул маалыматтын чын-бышыгы такталбай туруп, чыр-чатакка кириптер болгон балдардын аты-жөнүн ачыктоо балдарга кайра зыян алып келиши мүмкүн.

«*Кыял менен Өмурбек мушташкан эмес*» деп аталган кыска кабарда бир окуучунун өлүмүнө катышы бар деп шектелип жаткан окуучулардын аты-жөндөрү ачык жазылган. Ошол эле учурда кабардын мазмунуна карасак, өлгөн окуучунун атасы, укук коргоо органдары ишенимдүү жана далилдүү эч нерсе айта алышкан эмес. Демек, кабарчы кылмышка шектүү адамдын аты-жөнүн ойлонбой ачыктап жарыялап жиберүү башка кесепеттерге алып келе турганын билбей эле жазып жатат.

## 6. Коомдук мааниси жок учурларда жеке турмуштун сырын ачуу жана кол тийбестигин бузуу

ММКлар адамдын жеке турмушунун кол тийбестигин кандай бузуп жатканын "*Эри бар аялды ала качып, өкүртө сабап көлчүккө ыргыткан Мурадил жазасыз калабы*?" деген макаладан көсөк болот. Бул макалада күйөөсү таштап кеткен бактысыз аялдын аянычтуу тагдыры баяндалат. Макаланын каарманы башынан өткөргөн кейиштүү тагдырды, күйөөсүнүн уруп-сабаганын, ошол кордукка чыдабай кетип калганын айтып берген. Журналист урушуп ажырашкан жубайлардын аты-жөнүн, сүрөтүн, жашаган дарегинин баарын ачык жазган. Аялдын күйөөсү макалада аялына күн көрсөтпөгөн кара союл, адамдык сапаты жок, моралдык жактан бузулуп бүткөн адам катары көрсөтүлөт. Журналист боору ачыганынан аялдын арыз-арманын угуп, жаман оюу жок эле макала жазганын кесиптештер түшүнүп турабыз. Бирок жеке жана үй-бүлөлүк сыр болуп эсептелген маалыматтарды журналист эгер алар коомдук мааниге ээ болгондо гана жарыялай алат.

Этикалык Кодекстин 11-пунктунда мындай деп айтылат: "Журналист өз ишинде ар бир адамдын жеке жана интим турмушуна урматтоо менен мамиле кылышы милдет. Адамдын жеке жана интим турмушуна кийлигишүүгө материалдын каарманынын иш-аракеттери социалдык мааниге ээ болгондо же коом үчүн кызыгуу туудурганда гана жол берилет. Мындай материалдарды жарыялоодон мурда журналист үчүнчү тараптардын кызыкчылыгына доо кетпей тургандыгын текшериши керек."

Бул макаладагы окуянын коомдук жүк көтөргөн мааниси жок, эки адамдын гана башындагы турмуш көйгөйү. Ошондуктан журналист жубайлардын аты-жөнүн жана

башка аларды таанып кое турган белгилерди ачыкка чыгаруудан этият болушу керек эле. Чыр чатак болуп жаткан үй-бүлөдөгү жубайлардын атын өзгөртүп коюу керек эле. Жеке турмуштук кол тийбестиги бузулуп, эл алдында жаманатты болгон жубайлардын бири эми гезиттен жана автордон моралдык жабыракы талап кылууга акысы бар.

Россияда иштеп жүргөн тартиби начар кыргыз кыздарды кыргыз жигиттер кармап алып коркутуп кордоп тарбиялап жаткан көрүнүштөр тартылган Интернеттеги видеотасмалар ММК каражаттарында чоң резонанс жаратты. Видеотасмалардын биринде жигиттер бир кызды кармап алып, жылаңачтап тургузуп алып, аны башка улуттагы эркектер менен кандай ысык мамиледе жүргөнүн такып сурап, кагып-силкип, сөгүп-сагып, ал түгүл кыздын аты-жөнүн, Кыргызстандагы жана Россиядагы жашаган дарегин кайра-кайра кайталап айттырып жаткан көрүнүштөр тартылган. Бул видеотасмалардын Интернетке коюлушу анда тартылган кызга, анын туугандарына, жакындарына моралдык чоң кесепет алып келгени түшүнүктүү.

Жергиликтүү телекомпаниялар бул темада бир катар берүүлөрдү уюштуруп, жогоруда айтылган видеотасмадан айрым фрагменттерди көрсөтүштү. Алар кесиптик сабаттуу мамиле кылышты, видеотасмадагы кыздардын жүзүн көрсөтүшкөн жок, атын аташпады.

Гезиттердин бири өлтүрүлгөн адамдын сүрөттөрүн басып чыгарган да учурлар болууда. Бул жерде өлгөн адамдын бир эле жерден тартылган фотосүрөтү гезиттин бир эле санына үч жолу басылган. Өлгөн адамдын өзүн кайра-кайра натуралай көрсөтүү окурмандын кыжырын келтирип, же коркуу сезимин жаратышы мүмкүн. Бул жерде аша чапкан натурализмге жол берилди деп эсептейбиз. Мындай сүрөттөр адамдын психикасын бузат, бул жерде ММК эмне үчүн жана кандай максатта мындай сүрөттөрдү көрсөтүп жатканы түшүнүксүз.

Май айында Беловодск атайын мектебинен балдардын массалык түрдө качкан окуясын Кыргызстандагы көп маалымат каражаттары чагылдырышты. Натыйжада алардын бирөө кабарчыларды Беловодскидеги мектепке жиберип, натыйжада гезитте жана сайтта сүрөт, видео менен коштолгон материалды чыгарды. Газетанын интернет сайтына коюлган видеотасмада балдар аларды директор уруп-сабаганын айтып беришкен, бул балдардын жүзү тасмадан жашырылбай көрсөтүлгөн. Видеоматериалды тартып келген журналисттер мектептеги кыйноолор жөнүндө жашырбай айтып берген балдардын өздөрүнүн коркунучка дуушар болушу мүмкүн экендигин ойлошкон эмес. Аларды администрация жазалашы мүмкүндүгүн этибар алышкан эмес. Журналисттин кесиптик этикасы балдар жөнүндө окуяларды чагылдырганда абдан этият болууну, балдарга зыян келтирбөөнү, алардын аты-жөнүн ачык айтып, өңү-башын визуалдуу көрсөтүп, сүрөтүн жарыялап жаткан учурда андан келип чыга турган тобокелдиктердин алдын алууну талап кылат.

Интернет газеталардын биринде 20-майда Беловодскидеги атайын мектептеги балдардын окуясын чагылдырууда башка каталыкка жол берилди**.** “На обед – черви, на «десерт» - дубинка” деп аталган макаласын жарыялап, анда бул окуяга таптакыр тиешеси жок эле өспүрүм кыздын сүрөтү берилген. Бетинде көгаланын тактары бар кыздын сүрөтүнүн астында эч кандай маалымат же булак көрсөтүлгөн эмес. Бала болобу, чоң болобу, жөн эле бирөөнүн сүрөтүн уруксаты жок эле пайдалана бергенге журналисттик этика жол бербейт. Бул жерде сүрөтү уруксатсыз жарыяланган өспүрүм кыздын укугу бузулган.

Психикалык оорулуулардын ооруканасынан качып кеткен адамдар жөнүндө "*Неадекватны и очень опасны*" деген макала гезитте жарыяланды. Биринчи бетте чоң фотосүрөт басылган, анда оорукананын койкасы, бир нече адамдын сүрөтү бар. Биринчи пландагы эки-үч адамды оңой эле тааныса болот. Фотосүрөткө түшүндүрмө берилген эмес. Оорулуу адамдарды минтип өңү-башын көрсөтүп идентификация кылуу алардын укугун бузуу катары каралышы мүмкүн.

## 7. Плагиатчылык

Айрым гезиттер көп учурларда материалдарды маалымат булагын көргөзбөй жарыялап, окурманга аларды өзүнүн булактары аркылуу табылгандай кылып берүүгө аракет кылууда. Бирок бул тескери натыйжа берип калган учурлар да болууда, анткени сезимтал окурман кээ бир маалыматтардын башка жактан көчүрүлүп алынганын билип коюуда.

Плагиатчылыктын эң айкын көрүнүшү катары Токтогул районунда баптист кыргыздын үйү өрттөлгөнү жөнүндө гезиттердин биринде жарыяланган кабарды ( 17.05.12) келтирсек болот. Бул кабар бир радиосунун сайтында мурда жарыяланган жаңылыктын көчүрмөсү экени оңой эле билинет.

**Салыштырып көрөлү:**

**«Х»:** "Токтогул шаарчасынын төрт тургуну христиандыкты кабыл алып, баптист болуп кеткен адамдын үйүн өрттөп жиберди".

**"Радио":** "Токтогул шаарчасынын төрт тургуну христиандыкты кабыл алып, "Жахабанын күбөлөрү" агымына кирген адамдын үйүн өрттөп жиберди."

**«Х»:** " Баптист кыргыздар менен мусулман кыргыздардын ортосунда чырлар буга чейин да өлкөнүн ар кайсы аймактарында болуп келген".

**"Радио":** "Башка динди кабылдаган кыргыздар менен мусулман кыргыздар ортосунда чырлар буга чейин да өлкөнүн ар кайсы аймактарында болуп келген."

**«Х»:** "Тарса же болбосо христиан дининин протестанттык багытындагы жахаба күбөлөрүнүн мүчөсү.. ".

**"Радио":** "Тарса же болбосо христиан дининин протестанттык багытындагы "Жахаба күбөлөрүнүн" мүчөсү..".

**ЭК 29-пункту**: «Журналист плагиатка барбашы керек. Жазма же сөз түрүндөгү бирөөнүн материалдарын колдонгондо сөзсүз түрдө ага шилтеме кылуу зарыл".

**ЭК 31-пункту**: «Журналист өз кесиптештерине зыян келтирбей, алардын ар-намысын урматташы абзел. Кесиптик шериктештик деген түшүнүктү сыйлап, журналист кесибинин, чынчыл атаандаштыктын, сөз жана маалымат эркиндигинин кызыкчылыгы үчүн аракеттениши керек."

## Тыянактар жана сунуштар:

Мониторинг жүргүзүлгөн 15-марттан 15-сентябрга чейинки аралыкта эксперттер фокустук топко кирген газеталардын өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөрүштү. Гезиттин редакторлору, журналисттер ММКлардагы этикалык кодекстин бузулган учурлары жөнүндө жүргүзүлгөн мониторинг менен таанышты. Эксперттер этикалык нормалар кандай бузулуп жатканын далилдер, фактылар менен айтып түшүндүрүп, мисалдарды  келтирип, Этикалык Кодекстин негизинде редакциялык саясатты иштеп чыгууну сунуштады. Баш редакторлор жана чыгармачыл кызматкерлер эксперттердин айткан сындарын жөндүү деп кабыл алышты жана Этикалык Кодекстин негизинде редакциялык саясат иштеп чыгуу жөнүндө сунушка макул болушту.

Редакторлор көп каталыктар жана кемчиликтер кетип жатканын моюнга алышууда жана анын себептерин катары төмөнкү учурларды белгилешүүдө:

1. Кесипкөй адистердин жоктугу же алардын жетиштүү эместиги. Төрт-беш эле адам иштеген редакциялар да бар. Ошол эле учурда редакторлор кадрлардын токтобой жатканына да тынчсызданышууда. “Өзүңдүн кадрыңды окутуп такшалтып алуудан да коркуп калат экенбиз, алар дароо эле айлыгы чоң жерге кетип калышууда” деген жүйөөлөрүн айтышты.
2. ММКлардын ээлери тарабынан болгон кысым, ички тартиптин өзгөчөлүктөрү – гезиттердин кожоюну болуп саналган саясатчылардын ортосундагы маалымат согушуна катышууга мажбур болгон учурлар.
3. Мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу –жаңы стратегия иштеп чыкканга, аны ишке ашырып, сапаттык стандарттарды колдонууга киргизгенге газеталарда убакыт, ресурс, билим жетишпейт.
4. Сөз баркы кеткендеги кейиштүү көрүнүш – “Биз жакшы жазабызбы, жаман жазабызбы, бийликтегилер баары бир көңүл бурбайт экен, маселе  чечилбейт экен... Ошондуктан сапатты көтөрүүгө стимул берген кызыкчылык жок...” деген жүйөөлөр.
5. Редакторлор этикалык эрежелерди бузууга айрым учурда билип туруп эле барып жатканын айтышат. Анткени бүйүр кызыткан маалымат, тири-шумдук сүрөттөр гезиттин сатылышына жардам берет.

Талдоо көрсөткөндөй, ММКлар журналистикада сапаттык стандарттардын жана этикалык нормалардын базалык принциптерин бузууга жол беришүүдө. Айрыкча саясий окуяларды, кылмыш хроникасын жана үй-бүлөлүк чыр-чатактарды чагылдырууда алардын кесиптик даярдыгы жетишпей жатат. ММКлар тигил же бул саясий топторго же чатакташкан тараптардын бирөөнө жан тартып жатканы ачык байкалууда.

Ырас, ММК сын пикирдеги материалдарды, субъективдүү көз караштарды жарыялай алат, бирок окурман ал конкреттүү бирөөнүн пикири  экенин ажырата алгандай кылып атайын рубрикалар менен бөлүп көрсөтүлүшү керек. Мисалы: **пикирлер** ( окурмандардын, меймандардын, редакциянын ой-пикирлери), **комментарий**, ж.б. Бул бирөөнүн көз карашы же ой-пикири экени, ал редакциянын же журналисттин макаласы эмес экени көрүнүп турушу керек.  Фокустук топко кирген ММКларда мындай ажыратып көрсөтүү жок, ошол себептүү окурмандар бирөөнүн оюн, пикирин факт

катары кабыл алып, чындык көрүнүштү бурмалоого жол берилүүдө. Анын үстүнө, бир катар макалаларда автору көрсөтүлбөйт, ошол себептүү анын кайсыл категорияга тийиштүү экени түшүнүксүз болуп калууда, бул окурмандын катыбы, редакциялык макалабы же башка жактан көчүрүлүп басылган макалабы?

ММК көп учурда бир маалыматты берип жатканда анын чын-бышыгын аныктаган булактарга шилтеме беришпейт. Анын ордуна төмөнкүдөй "шилтемелер" орун алууда: "*Кыргыз калкы бүт билет, ... бизге малым болгондой, .... ушак жүрөт*..

Бир катар ММКларда кайсы бир саясатчыларды же коомдук ишмерлер жөнүндө эч бир булактар менен чын-бышыгы аныкталбаган ушактарды жайылтуу салтка айланды. (Ошол эле учурда каармандардын өздөрүнүн жообу, ой-пикири көмүскөдө кала берүүдө). Макаланын аягында "Ал эми бул саясатчы жөнүндө калган кепти биз эмки санда жарыялайбыз" деп окурмандын бүйүрүн кызытып, экинчи жагынан каармандарды кезектеги макала жарык көрбөсүн үчүн чуркатып, алар менен соодалашып иш бүтүрмөй адаттагы көрүнүш болуп жатканы өкүнүчтүү.

Соттук териштирүүлөрдү жана кылмыштарды сабаттуу чагылдырган журналисттер аз болууда. Этникалык маселелерди жана этностор аралык мамилелерди чагылдырууда журналисттердин кесиптик деңгээли дагы эле төмөн бойдон калууда. Кыргызстанда этникалык тематикадагы макалаларга байланыштуу журналисттер жана ММКлардын соттолгон прецеденттери пайда болду. Коомдук мааниси жок болгон учурда дагы жеке жана үй-бүлөлүк турмуштун кол тийбестиги бузулган учурлар болуп жатат.

Биз бул жерде кесиптик жана этикалык нормалардын бузулушу көп учурда атайын максат менен эмес, кесиптик даярдыгынын жетишпегендигинен, редакциянын ички көзөмөл механизминин жоктугунан болуп жатат деп ойлойбуз. Ошого карабастан жогоруда келтирилген кемчиликтер, эреже бузуулардын көбү ММКларга каршы соттук доонун козголушуна алып келерин жана алып келип жатканын, алардын кадыр-баркын кетирип, окурмандардын ишенимин азайтып жатканын турмуш көрсөтүүдө.

Ошондуктан бир катар ММКларда этикалык нормаларды жана кесиптик стандарттарды сактоо боюнча окутуу иш чараларын өткөрүү максатка ылайык. Журналисттерди фото, видео материалдарды, атайын терминологияны пайдалануу, психологдор менен кеп-кеңеш куруу, этикалык нормаларды окуп-үйрөнүү жана сактоо боюнча атайын даярдыктан өткөрүү максатка ылайык. Фокустук топко кирген бардык ММКларга кесиптик жана этикалык стандарттардын негизинде редакциялык саясат иштеп чыгууну сунуштоо керек.

Такшалган юристтерди, укук коргоочуларды, тилчилерди, укук коргоо органдары – милициянын, соттун, УКМКнын өкүлдөрүн чакырып, журналистиканын мыйзамдык базасы, этикалык нормалары, терминологияны түшүндүрүү боюнча бир катар талкуу жыйындарын өткөрүү абзел.

**Адабияттар:**


1. Кыргызстан журналисттеринин Этикалык Кодекси. (Этикалык Кодекс журналисттердин республикалык съездинде 2007-жылы 7-декабрда кабыл алынган. 2009-жылы 16-апрелде журналисттердин республикалык конференциясында оңдоолор киргизилген).

2. КР Кылмыш-Жаза Кодекси. 299-ст. «Улуттук, расалык, диний жана региондор аралык касташууну жаратуу». 299-ст. 1-п. «Улуттук, расалык, диний жана аймактар аралык касташууну көздөгөн уюшкан ишмердик»

3. Адам укуктарынын Жалпы декларациясы (БУУнун Генералдык ассамблеясы тарабынан 1948-жылы 10-декабрда 217- А (III) резолюция менен кабыл алынган.

# КЫРГЫЗСТАН ЖУРНАЛИСТТЕРИНИН ЭТИКАЛЫК КОДЕКСИ

**2007-жылдын 8-декабрындагы журналисттердин республикалык жыйынында кабыл алынган**

**2009-жылдын 16-апрелиндеги журналисттердин республикалык конференциясында түзөтүүлөр киргизилген**

**Кыргызстан журналистинин этикалык кодекси Кыргызстандагы ЖМК кызматкарлеринин адистешүүсүнө карабастан алардын этикалык жана кесиптик иш стандарттарын калыптандыруу, Кыргызстандагы журналистиканын кесиптик деңгээлин жогорулатуу, ошондой эле ЖМКга карата коомдун ишеничин жана сый мамилесин сактап калуу максатында кабыл алынды.**

- Журналист коомдун демократиялашуусу процессине, Кыргызстандын көп улуттуу элинин ынтымагына, ошондой эле өлкөдөгү экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөрдү ишке ашырууга көмөктөшүшү керек.

- Сөз эркиндиги журналисттин ишмердүүлүгүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Кайсы гана кырдаалда болбосун журналист сөз, ой-пикир жана маалыматка жетүү эркиндигине карата ар бир адамдын укугун ишке ашырыш үчүн сөз эркиндигин коргоого, маалыматты бурмалоо жана цензура киргизүү аракеттерине каршы турууга тийиш.

- Журналист жекече пайда көздөп өз кызмат абалын пайдаланышы, материаларды даярдаганы, маалыматты жашырганы же бурмалаганы үчүн белек, акча же дагы башка сый алышы, өзгөчө мамилеге ээ болушу, тейлениши туура эмес.

- Журналисттин жеке кызыкчылыгы анын кесиптик ишинин жыйынтыгына таасирин тийгизбеш керек. Журналист өзүнүн жеке кызыкчылыктары жана өз үй-бүлөсүнүн кызыкчылыктары тиешелүү болгон чөйрө тууралуу ЖМКнын жетекчилигин кулак кагыш кылышы зарыл. Журналист жеке пайда көздөп өз кесибинде алган кандай гана маалыматты болбосун жарыялаганга чейин колдонбошу керек жана кызыккан адамдарга бербеши керек.

- Журналист кандайдыр бир партияда мүчө болуудан, саясий ишмердүүлүктөн, мамлекеттик кызматта жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштөөдөн оолак болушу керек. Андай болбосо ал өз

иши туурасында өз окурмандарына, угармандарына жана көрүүчүлөрүнө кабарлоого милдеттүү.

▪ Журналист жалпыга маалымдоо каражаттарын коомдун кызыкчылыгына, адамдын жана жарандын укуктарына каршы пайдаланышына, согушту, зомбулукту, расалык, улуттук, жыныстык, жердештик, диний, сексуалдык жана социалдык касташууну пропагандалоо максатында колдонушуна жол берилбейт.

Материалдарды даярдоодо журналист айрым адамдын (же адамдардын) тиешелүү белгилерин, ошондой эле тышкы жана психикалык өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүдөн оолак болушу керек, бирок буга ошол маалымат журналисттик материалдын ажырагыс бөлүгү болгон учурлар кирбейт.

▪ Журналист жарнама материалдарды жаратуудан жана ага катышуудан оолак жүрүүгө тийиш. Андай болбосо мындай материалардын коммерциялык мүнөзү окурманга, угарманга жана көрүүчүгө дароо түшүнүктүү болушу үчүн журналист жарнама материалдар аналитикалык жана маалыматтык материалдардан тиешелүү рубрикация же кошумча белгилер (символдор), шрифт же дагы башка ыкмалар менен даана бөлүнүп турушу үчүн колдон келген бардык аракетин көрүшү зарыл.

▪ Журналист эч кандай шартта билип туруп жалган маалымат жарыялабашы керек. Эгерде таркатылган маалымат чындыкка жатпай турган болуп чыкса журналист аны колдо болгон бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен түзөтүүгө милдеттүү.

▪ Тартылган сүрөттөрдү жана аларга коюлган колдорду, тексттерди, материалдардын аталыштарын редакциялоодо материалдарды бурмалоого жол берилбейт. Материалдардын тексттери, интерчуулар, маектер тартылган материалдын видеокатарына туура келиши керек.

▪ Фактыларды, божомолдорду жана пикирлерди бири-биринен даана бөлүү зарыл.

▪ Журналист өз ишинде ар бир адамдын жеке жана интим турмушуна урматтоо менен мамиле кылышы милдет. Адамдын жеке жана интим турмушуна кийлигишүүгө материалдын каарманынын иш-аракеттери социалдык мааниге ээ болгондо же коом үчүн кызыгуу туудурганда гана жол берилет. Мындай материалдарды жарыялоодон мурда журналист үчүнчү тараптардын кызыкчылыгына доо кетпей тургандыгын текшериши керек.

- Журналист балдарга байланыштуу маселелерди чагылдырууга өтө кылдат мамиле кылышы зарыл. Журналистте жана редактордо жашы жете электердин жеке жашоосун чагылдырууга маанилүү себеби (негиздемеси) жана балдардын ата-энесинин, мыйзамдуу өкүлдөрүнүн же асыроочуларынын макулдугу болушу керек. Зордук-зомбулукка, мыйзамсыз аракеттерге байланышкан окуяларга кабылган балдардын аттарын же аларды таанууга мүмкүнчүлүк берген белгилерин жарыялоого жол берилбейт.

- Сот процессин чагылдыруу айыпталгандарга карата ысык-суугу жок мамиледе болушу керек. Журналист соттун тиешелүү чечими чыкмайынча адамды кылмышкер деп атай албайт. Материал даярдап жатканда журналист кылмыш боюнча шектелип жаткан адамдардын аты-жөнүн жана сүрөттөрүн жарыя кылуудан алыс болушу зарыл, буга айыпталгандар беглилүү адамдар болгон, өздөрүнүн ким экенин айткан же мыйзам жол берген учурлар кирбейт.

- Журналист кылмыштардын жана чукул кырдаалдардын курмандыгы болгон адамдарга, ошондой эле алардын жакындарына жана туугандарына зыян келтире турган, алардын ден соолугун жана психологиялык абалын начарлата турган жүрүш-туруштан алыс болушу керек.

  Материалдарды даярдоодо журналист кылмыштардын, кырсыктардын жана чукул кырдаалдардын курмандыгы болгон адамдардын аты-жөнүн жана сүрөтүн жарыялоодон алыс болушу керек, бул талап ошол адамдар кеңири белгилүү инсан болгон же өздөрүнүн ким экенин айткан учурларга тиешелүү эмес.

- Журналист террордук аракеттер жана террорго каршы операциялар учурунда адамдарды сактоо жана адамдын жашоого болгон укугу башка бардык укуктар менен эркиндиктерден жогору тураарын түшүнүүгө милдеттүү.

  Террористтер көпчүлүк учурларда ЖМКны өз позициясын билдириш үчүн же башка жердеги өнөктөштөрүнө шарттуу белги бериш үчүн өз максаттарына пайдаланууга аракет кылышаарын журналист эстей жүрүшү зарыл. Андыктан журналисттер укук коргоо органдары менен алдын ала кеңешмейинче өз демилгеси менен террористтерден интервью албашы керек жана террористтерге түз эфирге чыгууга мүмкүнчүлүк бербеши керек.

  Террордук аракеттерди жана террорго каршы операцияларды чагылдырууда журналист адамдарды сактоо менен алектенген адистердин иш-аракеттеринин майда-чүйдөсүн сүрөттөөдөн алыс болушу керек жана окуя болуп жаткан жерди же анын катышуучуларын көрсөтүүдө артыкбаш натурализмден баш тартышы зарыл.

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн учурлардан тышкары, журналист өз маалымат булактарын жашырууга укуктуу.

- Журналист карама-каршы тараптардын, анын ичинде журналисттин сынына кабылган адамдардын пикирлерин тең салмактуу бериш керек.

- Социалдык иликтөөлөрдүн маани-маңызын бузган тандалма цитаталарды колдонууга жол берилбейт. Белгилүү жыйынтыкка жетүү максатында калк арасындагы сурамжылоолорду бурмалоого болбойт. Журналист өз материалынын каармандарына тигил же бул көрүнүштөргө жана окуяларга терс же оң пикирин билдирген анонимдүү эксперттердин сөздөрүн колдонуудан баш тартышы керек.

- Журналист маалыматты, документтерди, фотосүрөттөрдү, аудио жана видеоматериалдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде алууга бардык аракетин жумшаш керек. Мындан башка ыкмаларды колдонуп табылган маалыматты ал коомчулук үчүн зор мааниге ээ болгондо гана колдонсо болот.

- Журналисттин дүйнө туюмуна жана объективдүү журналистиканын принциптерине каршы келген тапшырмаларды аткарууга жана макалаларды жазууга милдеттендирүүгө болбойт.

- Журналист плагиатка барбашы керек. Жазма же сөз түрүндөгү бирөөнүн материалдарын колдонгондо сөзсүз түрдө ага шилтеме кылуу зарыл.

- Журналист жеке кызыкчылыктарын көздөп, ЖМК аркылуу өз араздаштарынан өчүн албашы керек.

- Журналист өз кесиптештерине зыян келтирбей, алардын ар-намысын урматташы абзел. Кесиптик шериктештик деген түшүнүктү сыйлап, журналист кесибинин, чынчыл атаандаштыктын, сөз жана маалымат эркиндигинин кызыкчылыгы үчүн аракеттениши керек.